8 Демократия артка чегинбейт



9 Кыргыз жупкасы турса, кукси жебейли




# САРЕСЕП

saresep.kg

23-июнь, 2016-жыл

№24 (57)

Калыс көз караш!




## Колго тийсе Азаттык, Баркын билбей тажаттык

2-3-беттер



Алманбет кытай болсо да, жүрөгү кыргыз деп соккон

5-бетте




Орус генийин өстүрбөгөн бийлик

10-бетте



Кыргызстандын биринчи кубогун "Талас" уткан

11-бетте




# ЖК өкмөттү өзгөртүү сунушун талкуулады

Парламенттин бүгүнкү жалпы жыйынында премьер-министр Сооронбай Жээнбеков өкмөт түзүмүндөгү өзгөртүүлөр тууралуу маалымат берди. Ага өкмөттүн курамы толук катышып, Жээнбеков төмөнкүдөй өзгөртүүнү сунуштады:

–Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттиктин базасында Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу комитетин түзүү;

– Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин функцияларын кеңейтүү;

– Мамлекеттик байланыш агенттиги жана Өкмөткө караштуу Электрондук башкаруу борборунун базасында Маалыматтык технологиялар жана байланыш комитетин түзүү;

– Экономика министрлигин, Транспорт жана коммуникациялар министрлигин, Мамлекеттик каттоо кызматын, Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттикти кайрадан түзүү жана функцияларын кыскартуу;

– Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекцияга жер казынасын пайдаланууну көзөмөлдөө милдетин жүктөө.



# Атамбаев Ташкендеги жыйынга катышат

Президент Алмазбек Атамбаев Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) Ташкенде өтчү жыйынына катышат. Бул тууралуу мамлекет башчынын басма сөз кызматы билдирди.

Саммит 23-24-июнь күндөрү өтөт. Ага ШКУга мүчө бардык мамлекеттердин, тагыраак айтканда, Орусия, Кытай, Казакстан жана Тажикстандын да өлкө башчылары келет.

Быйыл март айында Аксыдагы Үңкүр-Тоо аймагына Өзбекстан аскер техникасын жайгаштырып, абал чыңалган кезде Алмазбек Атамбаев ШКУнун Ташкендеги саммитине катышпай калышы мүмкүндүгүн эскерткен. Андан бери мамлекет башчынын барар-барбасы бүдөмүк бойдон келаткан болчу.

Өзбекстан төрагалык кылып жаткан саммитте уюмдун ишмердигин кеңейтүү жана Пакистан, Индиянын толук кандуу мүчөлүккө кабыл алуу маселелери каралат.



# Жаш ишкерлерди колдоо долбоору башталды

Кыргызстанда Ideagrad деп аталган жаш ишкерлерди колдоо боюнча жайкы программа башталды. Бул тууралуу уюштуруучулар кабарлашты. Анын алкагында өлкөнүн ар кыл аймактарынан келген жаш ишкерлердин долбоорлору тандалып алынып, каржылоого каражат бөлүнөт.

Долбоорду ишке ашыруу үчүн жаш ишкерлер 10 жумалык окуудан өтүшөт. Анда жаш ишкерлер бизнес жүргүзүүнүн жол-жобосун тажрыйбалуу адистерден үйрөнөт.

Долбоор USAIDдин бизнести өнүктүрүү долбоорунун алкагында уюштурулууда.

USAID FROM THE AMERICAN PEOPLE

# Ысык-Көлдө эл аралык сүйлөшүүлөр башталат

Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин аскерий жетекчиликтери 22-июнда Кыргызстанга чогулуп, “Тынчтык миссиясы-2016” деп аталган эки күндүк сүйлөшүүлөрдү баштайт. Башкы штабдан кабарлашкандай, Балыкчыда өтө турган сүйлөшүүлөрдүн негизин терроризмге каршы аскердик даярдыктар темасы жана штабдык окуу-тажрыйбаларын уюштуруу маселелери түзөт.

Талкууга Кыргызстан, Кытай, Казакстан, Орусия жана Тажикстан мамлекеттеринин аскер өкүлдөрү катышат.



БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Телевидение күчүн жоготот

Куудулдугу куудулдардан ашкан, артистиги артистерден арткан Жогорку Кеңештин депутаттары элди зериктирбейт. Турмуш өзү жай-жайына койгон маселени козгоп чыгып эле чыр-чатак жаратмай. Алардын эрмеги кыргыз эли жана жаны жай албаган эксперттер.

Эки жума мурун чыр-пыры жок эле өз ордун таап, жетекчи менен жумушчунун ортосунда жайма-жай чечилип келген жума намаз маселесин көтөрө коюп, эки ууч адам жана эки дөө чабышты. Кудайга шүгүр, дагы чабыш виртуалдык аймакта өттү.

Бул аптада болсо ар кимдин акчасына телчип келе жаткан кыргыз журналистиканын абалы Күмөндөрдү Күмөндөрдөн жакшы тууралган эл өкүлүн тынчсыздандырыптыр. Американын болобу, Орусиянын болобу, же Кытай, Түркия элинин болобу, айтор, ар кимден бүтжетинен түшкөн каражатка журналистикабыз өнүгүп келе жатат. Анын жанында анча-мынчасы жергиликтүү көпостөрүбүздүн эрмеги катары каржыланууда.

Ал эми биздин жумушка чыкпаган, жумушка чыкса уктаган, уктабаса оң колун сол колуна уруп ыплас жесттерди жасап отурган депутаттарыбыз өлкөнүн абалын оңдоп кыйратканды ордуна, керээли-кечке той жеп жүрүшөт дагы, анан келип алып «аны жабыш керек, муну жабыш керек» деп оозуна келгенин оттошот.

Эми бул мыйзам долбоорун сунуштаган депутаттын өз көлөкөсүнөн чочуп, «сырткы күчтөр бизди мындай кылгысы келип атат, андай кылгысы келип атат» дегени анык жатып ичээр жалкоонун кеби эмей эмне? Эмесе, бул чыт курсактар мындай мыйзамдарды кайдан ойлоп таап жатат деген нукта ой жүгүртсөк.

Биринчиден, популизм. Кыргызча айтканда – дардаңбайлык. Дардаңбайда энергия көп болот. Ошондуктан аны «тутандырып» жиберүү өтө оңой. Чала бышкан башы бар бирөө эч бир сурамжылоого, кесипкөйлөрдүн анализине негизделбеген мыйзам долбоорун алып келип депутатыбызга түшүндүрө баштайт. Далил менен фактыларга таянылбаган нерсени албетте, эл жана мамлекетке күйүп-жануу эмоциялары менен коштойт. Анан биздин байкуш эл өкүлү «пыррр» этип туталып кетет. Анан жөнөйт күйүп-бышып, түтөп. Кыргыз эли да оңой эмес бирок. Көздүн кыры менен өз чөнтөгүн карайт, кулактын кырын серепчилерге узатат да турат камырабай. А эл өкүлү болсо эл да колдоп, толкуп, тимеле аны асманга көкөлөтүп баштайт деп ойлогон. Камгактай болуп ар кимдин илебине ары-бери учкан он-жыйырма неме интернеттеги коомдук тармакта дуулдап барып токтойт. Бирок алардын колдоосу кийинки куудулдун айгайына чейин эле экени белгилүү.

Экинчиден, дүйнөнүн кандай абалда экенин түшүнбөө, ой жүгүртпөө. Учурда тыюу салуу менен эч нерсени токтото албайсың. Телевидение маалымат булагы катары күн санап артта калууда. Биринчи орунга саясатчылардын баш оорусуна айланган интернет чыгууда. Элдин башын ар ким жууй бербесин десек, жашикке эмес, ошол башка көңүл буруу керек. Ал баштын ичинде мээ бар экенин унутпайлы. Ошондуктан түрдүү пикирлерди уксун, карасын, анан өзү чечим чыгарсын. Сенсиз деле ал каалаганын көрүп атат. Каалаганын көргөнгө укугу да, мүмкүндүгү да бар.

Өз нугунда бараткан нерсени чектөө даңгыр жолго коо коюу сымал. Же акмаксың, же сага акча керек. Же кол жоорутуп, чеке тердетпей акча табайын дегендерге оюнчук болуп атасың. «Түндүк тараптагы күчтөр бизди мындай кылгысы келип атат, андай кылгысы келип атат» деген жатып ичээр жалкоонун теориясына кирбей эле коёюн.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК “Горизонт Медиа”
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров,

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 7000**
**Буйрутма № 1436**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. “ММК колдоо борбору” фондунун басмаканасында басылды.

# Эмне үчүн өкмөткө келген акча коопсуз саналбайт



**КСДПнын айрым депутаттары ММКлар жөнүндөгү мыйзамга өзгөртүү киргизип, чет өлкөлүктөрдүн тиешеси бар маалымат каражаттардын иш алып барышына тыюу салууну сунуштаган. Андан тышкары, чет элдик жарандар медианын жалпы акциясынын 20 пайызынан ашпоосу керектигин кошумчалаган. Аталган мыйзам долбоору бир катар жарандык коомдун өкүлдөрүн жана айрым укук коргоочуларды бейпайга салды. Ушундай маалымат доорунда эркин медианы ооздуктаганга болобу? Бул мыйзам колдоодон өтсө өлкөбүзгө пайда алып келеби же зыянын тийгизеби? – деген суроолорго депутат Жанар Акаев жооп берди.**

– Негизи парламентте демократиялык жараяндарды колдогон, сөз эркиндиги ачык, эркин мамлекетти курууга жан үрөгөн депутаттар аз. ЖМК жөнүндөгү мыйзам өлкөгө жакшы аброй алып келбейт. Тескерисинче, демократиядан артка карай кадам таштатышы мүмкүн. Негизи депутаттар адамдардын жашоо шартын жакшыртып, өлкөнү алдыга сүрөй турган мыйзамдарды иштеп чыгышы керек. Бирок, биз элди кыдырганда бир дагы райондон, бир дагы адам ЖМКларды ооздуктай турган мыйзам жазбайсыңарбы. Алар элдин жашоосун оорлотуп жатат же коопсуздукка шек келтирип жатат деп кайрылганын көргөн жокмун Бул мыйзам долбоорун көтөрүп чыккандардын негизги аргументи сырттан каржылоолор, чет өлкө каржылаган медиа улуттун коопсуздугуна коркунуч алып келет деген себептер экен. Бирок ишенип койгула, биз жума сайын миллиондогон сырттан келген гранттарды Жогорку Кеңеште ратификациядан өткөрүп берип атабыз. Эмне үчүн маалымат каражаттарына келген акчада гана коопсуздук маселеси болот да, мамлекетке, өкмөткө келип аткан акчаларда коопсуздук жөнүндө сөз болбойт. Азыр маалымат каражаттарын тыюу мүмкүн эмес. Чындыктын үнү интернет, социалдык тармактар аркылуу баары бир жете берет. Ыңгайсыз курч медиалардан кутулуунун жалгыз жолу – атка минерлер түз жүрүшү керек. Болду, башка жолу жок. Эмне үчүн жөн жаткан темага асылышат, билбейм... Болбосо мындан башка алектене турган маселелер толтура. Өзүңөр билесиңер бизде аянт кичинекей. Реклама аркылуу өзүн-өзү баккан медиа саналуу гана. Ата мекендик ЖМК эми-эми гана араң бутуна туруп келе жатканда мындай мыйзам бизге жолтоо болот.

# Бийликке «ляппай» деген соттор жагат



**Мамлекеттик мекемелердин көбү өзүн өзгөртүүгө, элдин арасында аброюн көтөрүүгө аракет кылып келет. Мисалы милиция жана прокуратура бул багытта кандайдыр бир иш-чараларды кылууга белсенген сыяктуу. А элге айрыкча керек болгон сот системасы болсо мелтиреп козголбой жаткан-жаткан. «Прецендент өнөктөштүк бирикмесинин» жетекчиси Нурбек Токтакунов «Сот системасы качан оңолот? Аны оңош үчүн эмнелерди кылуу зарыл?» деген суроолорго жооп берди.**

2010-жылдан кийин сот системасын оңдоп кетүү мүмкүндүгүнөн кайра эле ажырап калдык. Өткөөл мезгилдин укук коргоо жана адилеттүү сот концепциясы боюнча мурунку режимди төңкөргөн жаңы бийлик зулумдук кылгандарды жоопко тартат. Бизде болсо өздөрүн куугунтуктап, басмырлап, Акаев менен Бакиевчилерге кызмат кылган «ляппай таксыр» дегендер жаңы бийлик үчүн да ыңгайлуу болуп калды. Мисалы Медет Садыркуловдун ишин жымсалдаган тергөөчү Данияр Нарынбаевдин ишин тергеди. Техникалык жабдуулар менен камсыздалуудан сырткары сот системасында өзгөрүү болгон жок.

Мен бириккен адвокатура сот системасын түпкүрүнөн өзгөртөт деген чоң үмүтүм бар болчу. Коррупциялык схемалардан сырткары иштеген, мыйзам чегинде кардардын кызыкчылыгы үчүн жан үрөгөн бир нече адвокат сотту реформалоого жетиштүү деп ойлогом. Өкүнүчтүүсү – адвокаттардын көбү арам кекиртектер үчүн ортомчу болуп жүргөнүн көрдүм. Бирок натыйжада адвокатураны түзүүнүн алгачкы пайдубалы түптөлдү десек болот. Акыры чынығы кызыкчылыктарда бириккен адвокатура түзүлөт деген үмүтүм күч.

Жарандык коом да жетилди. Мурун демократиянын короочу ити сыяктуу болсок, азыр мамлекеттик чечимдерге таасир бере ала турган абалга келдик. Азыр биз аналитикалык жана эксперттик мүмкүнчүлүктөрүбүздү жогорулатуубуз керек. Себеби өнөктөш депутаттар кыска мөөнөттө сапаттуу эксперттик бүтүм чыгарып берүүнү сурана башташты. Өкмөттүк эмес уюмдардын көбү буга даяр эмес экени билинди. Ошондуктан биз сереп салуу жана сересеп бүтүм чыгарууга катуу көңүл бурушубуз зарыл болуп калды. Куру кыйкырыктан кайтып, саясий жашоонун чордонуна айланган парламент менен иш алып баруу абзел.

# Шаар коопсуздугун камсыздоо мерчемдери түзүлгөн



**Жакынкы күндөрдөн бери борбор калаабызда Бишкек шаарын сойкулардан тазалоо максатында рейд жүргүзүлүп, далай бузуку кыздар, уюштуруучулар жана ыплас жайлардын бети ачылып, бир тобу камакка алынды. Милициянын бул кадамы эл арасында да жылуу кабыл алынып, ЖМКларда рейддин жүрүшү тууралуу байма-бай кеп кылынууда. Рейдден кармалган кыздар кандайдыр жазага тартылабы? Тартылса кандай жол менен деген суроо менен Бишкек шаарынын ички иштер башкы башкармалыгынын басма сөз кызматынын жетекчиси Олжобай Казабаевге кайрылдык**

– Ибраимов менен Чүй жана Фрунзе кесилишиндеги, цирктин тегерегинде турган сойкуларды кармап жатабыз. Ыйык Орозо айы башталды, туристтик сезон да башталып көптөгөн үй-бүлөлөр балдары менен шаар ичин кыдырышат. Үй-бүлөлөр бул убакта сойкуларды көргөндөн алыс болуп, уялбай сейилдешсин деген максат менен рейд өткөрүлүүдө. Буга чейин да көптөгөн чаралар көрүлгөн. Азыркы мезгилде, эң негизгиси ошол тегерек четтеги жашаган адамдардан "Сойкуларды көчөдөн алып салгыла. Терезенин астында жабылып турушат, ал кыздарга ар кандай кишилер келип өтө жат көрүнүштөрдү жасоодо" деп арыз жазып жатышат. Сойкулар негизи эле шаардын көркүн бузуп, келген конокторду жийиркентет. Ошонун негизинде 13-июндан баштап рейд жүргүзүп, 150 кыз кармадык. Эми аларга административдик кодекстин 364-беренеси менен протокол толтурулуп, сотко жеткирилет. Кээ бири бөлүштүрүү бөлүмүндө жатса, кээ бирөөнө айыппул салынууда. Күнүнкүсүн-күнүгө кармап, башында айтылган чараларды колдонуу менен ушундай жазаларды берип жатабыз. Жогоруда айтылган жерди милиция кызматкерлери көзөмөлгө алууда. Сойкулар азырынча көчөгө чыкпай калды. Учурда сойкулардьı кармоодо атайын бөлүмдөр иш алып барса, мындан кийин аймактык тескөөчүлөр иш алып барышат. Орозо айы бүткөндөн кийин деле сойкуларды чыгарбоо максатында иш жүргүзөбүз. Мындай жат көрүнүштү көрсөтпөөгө, шаардын коомдук коопсуздугун камсыз кылууга иш мерчемдери түзүлгөн. Баардык сойкуларды жоготобуз деп айтуу кыйын. Бирок аларды азайтууга, болтурбоого болгон аракетибизди жумшайбыз.

# Аба ырайын 92 пайыз так айтканга жеттик



**Акыркы мезгилде нөшөрлөп жааган жаандан улам көпчүлүк аймактарда суу ташкыны көбөйүп, сел коркунучтары пайда болду. Жалпысынан 22 көпүрө талкаланып, 66 гектар айдоо аянтын суу каптаган. Булардын алдын-алуу, ыкчам чара көрүү маселелери боюнча жана аба ырайынын эртеңки божомолу тууралуу КР Өзгөчө кырдаалдар министри Кубатбек Боронов төмөнкүлөрдү айтып берди.**

– Негизинен 18-июнга чейин баары болуп 96 өзгөчө кырдаал катталды. Анын кесепетинен 519 миллиондон ашыгыраак суммадагы материалдык чыгым тарттык. 20 жаран каза болду. Жыл башынан бери Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан 175 адамдын өмүрү куткарылды. Каза болгон жарандардын бири Сузактагы жер көчкүдөн, 5 адам Кадамжайдагы селден, шахталардан бир жаран, чоң жол кырсыктарынан 8 жаран көз жумду.

Акыркы мезгилдерде сууга чөккөндөр да көбөйүп жатат. Жылдын башынан бери сууга чөгүп өлгөндөрдүн саны 26га жетти, анын 17си ушул жылдагы жайкы сезондо чөккөн.

Бүгүнкү күндө көп жылдык аба ырайын жасаганга мүмкүнчүлүгүбүз жок. Союздун аймагына кирген мамлекеттерден Орусияда бар, бирок алар да так айта албайт. Ал эми кыска убакыттагы аба ырайынын өзгөрүлүшүн аныктоого шарттарды бир топ эле жакшырттык. Мындан 5 жыл мурун алдын-ала божомолдор 50-60 пайыз так айтылса, азыркы күндө 92 пайызга чыкты. Быйыл ушундай жаанчыл болоору 3-4 жылда айланып туруучу цикл боюнча белгилүү болуп калган болчу. Себеби 2012-жылы, айрыкча түштүк жергесинде жаан-чачын, сел жүргөн. Ошол кырдаал 4 жылдан соң кайра кайталанууда. Негизи 70 пайыздан жогору өзгөчө кырдаалдар түштүк аймактарда катталса, быйыл түндүк тараптагы облустарда катталып отурат. Алдын-алуу иштерин жүргүзүүдө жергиликтүү тургундар түшүнүү менен көмөктөшүп калышты. Нарын дарыясын бекемдөөдө да элдер жардам берип чуркап жүрүшөт. Ал эми жергиликтүү бийлик органдары бүгүнкү күнгө чейин кайдыгер мамиле кылышат. Мисалы, ишти бири-бирибизге түртө салмай адаты жоюла элек. Жок дегенде жергиликтүү бийлик өзгөчө кырдаалдарда министрликке тез аранын ичинде кабар берсе болмок. Биз ушундай толук маалымат ала албай да кыйналабыз.

# Ар бир жаран салык төлөөгө милдеттүү

Экономикага тиешелүү рубрикабыз мындан да пайдалуу болсун деп салык кызматында көп жыл иштеген, **салык боюнча консультант Айдай Кубанбек** айымга төмөнкү суроолор менен кайрылдык. Окурмандар суроосун **WhatsApp** аркылуу **0705 573-168** номуруна жиберсе болот. Айтмакчы, бул консультант айымдын номуру эмес, ошондуктан чалуулар жана үндөр кабыл алынбайт

**1. Салык декларациясын сөзсүз тапшыруу керекпи?**

2016-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын жарандарынын баары кирешеси тууралуу декларация тапшырууга милдеттүү. Салык салууну талап кылбаган мүлк жана кирешеге (карчарба, стипендия, жакын тууганынан белек же мурас алганда ж.б.у.с.) ээ болгондор бул милдеттен бошотулат.

Салык алууга кирген мүлк жана жер тилкелери КРдин Салык кодексинде бекитилет. Бирдиктүү салык декларациясын тапшыруу мөөнөтү 2016-жылдын 1-мартында аяктаган.

**2. Салык декларациясын тапшыруунун эмне мааниси бар? Анын мамлекет же адамга кандай пайдасы бар?**

– Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 55-беренесине ылайык мыйзамда каралган шарт жана тартипке жараша салык төлөө ар бир жарандын милдети. Салык боюнча талаптарды Салык кодекси гана коё алат. Башка бир дагы мыйзам менен салык коюлбайт. Салык бекитүү укугуна КРдин Жогорку Кеңеши гана ээ.

Жарандын укуктары бар болгон сыяктуу эле, ага милдеттер да жүктөлгөн. Алардын бири – салык төлөө. Мамлекеттин салык чогултуусунун негизги максаты – эл жүктөгөн кызматтарды аткаруу. Биз эң оболу социалдык мамлекет болгондуктан, салыктан чогулган каражат калктын алсыз катмарына жеңилдиктерди караганга, карчарба чектегенге, саламаттыгын сактоого, мектепке чейинки жана мектепте билим берүүгө, коомдук долбоорлорду ишке ашырууга, жолдорду салып же оңдоп-түзөөгө ж.б.у.с. кызматтарды аткарууга жумшалат.

Салык төлөгөн жаран жогорудагы нерсенин баарын күнүмдүк турмушунда пайдаланып келет. Мындан сырткары, салык төлөгөн инсан бул жарандык милдетин аткаруу менен өлкөнүн өнүгүүсүнө жеке салымын кошкон болот.

**3. Салык декларациясынын канча түрү бар? Аны тапшырбаганга кандай жазалар каралган?**

– Декларациянын үч түрү бар:

1. Ишкерлик кылбаган жарандын бирдиктүү салык декларациясы (БСД);
2. Жеке ишкердин бирдиктүү салык декларациясы;
3. Уюм же мекеменин бирдиктүү салык декларациясы.

Жарандын БСДсына өзгөчө токтоло кетсек. КРнын Салык кодекси боюнча аны төмөнкү жарандар тапшырууга милдеттүү:

1) Ишкерлик менен алектенгендер: жеке ишкерлер, юридикалык уюмду түзбөй ишмердик кылган дыйкан жана фермердик чарбалар;

2) Ишкерлик кылбаган жарандар: мамлекеттик кызматкерлер, КРнын аймагында жеке (унаа же кыймылсыз мүлк) мүлккө ээ болгондор, үйүнүн жанындагы жер жана бакча менен огородунан сырткары жеке жер тилкелерине ээлик кылган физикалык жактар тапшырат.

Жогоруда айтылган жарандардан сырткары, мурун кирешесинен алынган салыктан коомдук жана мүлктүк төлөмдөрдү кайтарып алам деген физикалык жактар БСД тапшырса болот.

Мамлекеттик кызматкерлер салык салынууга ылайыктуу кирешеге же жеке мүлккө ээ болбосо да БСД тапшырууга милдеттүү.

Кыргыз Республикасында жашаган же анын аймагына кирген чет өлкөлүк жарандар БСДны кыргыз жараны үчүн бекитилген өлчөм жана тартипте тапшырат. Ошондуктан чет өлкөнүн жараны тиешелүү салык уюмуна убактылуу каттоого туруп, идентификациялык салык номурун алууга милдеттүү.

Бирдиктүү салык декларациясы тапшырылбаса же кечиктирилсе КРнын Административдик жоопкерчилик тууралуу кодексине жараша салык мекемеси административдик айыппул жүктөөгө укуктуу.

**4.Бирдиктүү салык декларациясын кайда жана кантип тапшыруу керек? Интернеттен тапшырса болобу?**

БСДны кагаз да, электрондук да түрүндө тапшырса болот. Кагаз бланкты салык мекемесинин өзүнөн же анын электрондук сайтынан алса болот. Ошондой эле КРнын Юстиция министрлигинин же «Токтом» маалымат-укуктук базасынын сайтынан алып, кагазга чыгарып, толтуруп тапшырса болот.

Мындан сырткары, салык кызматы электрондук түрдө отчет тапшыруу долбоорун иштетип келет. Ошондуктан БСДны да интернет аркылуу тапшырууга жол ачылган. Ал үчүн паспортуңуздун көчүрмөсүн алып, өзүңүздүн атыңыздан арыз жазып салык төлөө үчүн катталган салык мекемеңизге кайрыласыз. Ал жерде сизге ПИН-код жана коопсуздук ачкычы каралган пароль беришет. Аларды колдонуп сиз электрондук санариптик кол коюу менен же андай колду койбостон деле декларацияңызды электрондук нускада тапшырсаңыз болот. Бул ыкма менен убактыңызды үнөмдөйсүз.

БСДны тапшыруу тартиби жана шарттары Салык отчеттorун электрондук түрдө тапшыруунун тартиби жөнүндө жободо каралган. Ал КР Өкмөтүнүн 2013.08.06да токулуп чыккан №453 буйругу менен бекитилген. Жобо боюнча пароль менен логинди алган соң аларды 90 күндүн ичинде колдонуу керек. Эгер бул мөөнөттө иштетпесеңиз ал коддор жокко чыгарылат.

# ЭКОНОМИКС

Акыркы 50 жылда кесиптик бирикмелердин жакшы иштөөсү же минималдык маяна тууралуу мыйзамдардан улам Европалык жумушчулардын жашоо деңгээли жогорулады деп божомолдосок болот. Бирок чын-чынына келгенде, иштегендердин чыныгы берекеси алардын өндүрүмдүүлүгүнүн артканына байланыштуу

*(уландысы)*

Биз буга чейин чечим чыгарууда инсандын колдонгон ыкмалары менен адамдардын бири-бири менен экономикалык алака түзүү жолдорун карап чыктык. Бул чечимдер менен алакалар «экономика» деген нерсенин дал өзү. Кийинки үч принцип жалпы экономиканын иштөөсү менен тааныштырат. Мында «экономикалык өсүү» эң негизги түшүнүк болмокчу. Ал убакыттын өтүүсүнө карай экономикадагы товар жана кызматтардын өсүүсү дегендик. Бул эки нерсенин өсүүсү адатта квартал же жыл менен ченелип келет.

**Экономикалык өсүү** – убакыттын өтүүсү менен экономикада товар жана кызматтардын өсүүсү.

## 8-принцип: Элдин бакубаттуулугу мамлекеттин товар жана кызмат өндүрүүсү менен ченелет

Wikipedia.org интернет энциклопедиясынан ар бир мамлекеттин жаранынын Ички дүң өндүрүмүндөгү (ИДӨ) үлүшүн көрүп, салыштырса болот. Салыштырганда дүйнө элдеринин жашоо деңгээли ар түрдүү экени дароо көрүнөт. Мисалы 2009-жылы экономикасы жакшы өнүккөн Англиянын ИДӨсүн жарандарынын санына бөлгөндө ар бирине 35 728 АКШ доллары тийген. Германияда 39 442$, Францияда 42 092$, Швейцарияда 66 127$ болгон. Салыштырмалуу тың турган АКШда 46 413$, Канаданыкы болсо 39 217$га туура келген. Сук арттырган Люксембургда ар бир адамга 94 418$ ИДӨ тийген. Бирок өнүгүп жаткан Түндүк Америка, Европа жана Азиянын кээ бир мамлекеттеринен алыстаганда башка мамлекеттердин кирешеси бир топ эле аз экенин көрөбүз. Ошол эле 2009-жылы Польша жарандарынын абалы 11 098$ менен чектелип, англиялыктардын үлүшүнүн үчтөн бирине да жеткен эмес. Аргентиналык 7 508$, Индиянык 1 033$, Эфиопиянык болгону 418$ болуп, Люксембург жаранынын жылдык кирешесинин жарым пайызынан да аз болгон. 2012-жылкы эсеп боюнча Кыргызстандын ИДӨсүн ар бир жаранбызга бөлгөндө 1 160$дан тийген. Албетте, бул ортолонгон кирешелердеги эбегейсиз айырмачылыктар жарандардын жашоосунун деңгээли менен сапатынан көрүнүп турат. Жогорку кирешеси бар мамлекеттердин жарандары көбүрөөк телевизор жана унаа сатып ала алышат, жакшырак тамактанып, адистешкен дарыгерлерге кайрылат, төмөн кирешеси бар мамлекеттин инсандарына караганда узагыраак жашайт.

**Ар бир жаңга эсептелген Ички дүң өндүрүм** – белгилүү бир мөөнөт ичинде, адатта бир квартал же бир жылда мамлекеттин ичинде өндүрүлгөн бардык товар менен кызматтардын базар баасы.

***Жашоо деңгээли*** – мамлекеттин жарандары сатып алчу товар менен кызматтардын суммасы. Мында адатта, инфляцияны чыгарып салгандан кийинки ар бир жандын кирешеси эсептелет.

Убакыт өткөн сайын жашоо деңгээли да өзгөрөт. Мисалы, акыркы 50 жылда Түндүк Америка менен Батыш Европанын жаранынын орто кирешеси жыл сайын 2 пайызга өсүп турган. Минтип өскөн экономикаларда инсандардын кирешеси 35 жыл сайын эки эсеге, жарым кылымда болсо үч эседен жогору өскөн. Салыштырсак ошол эле мөөнөттө Эфиопия жаранынын кирешеси болгону үчтөн бирге, б.а. жылына 0,5% гана өсүп турган.

Ар кандай мамлекеттердеги жана ар кандай убактагы инсандардын жашоо деңгээлдери эмнеге ушунча айырмаланат? Жооп жөнөкөй эле. Ал болгону мамлекеттерде бир саатта өндүрүлгөн товар жана кызматтын ар түрдүүлүгүнөн келип чыгат. Бир саатта өндүргөн товар менен кызматтары жогору болгон мамлекетте коомдун көпчүлүгү бакубат жашайт. Өндүрүмдүүлүгү аз өлкөнүн көпчүлүк тургандары болсо жупунураак жашоого мажбур. Демек өндүрүмдүүлүктүн артуусу жарандардын орто кирешенин жогорулоосун шарттайт.

**Өндүрүмдүүлүк** – бир жумушчу саат ичинде чыгарылган товар жана кызматтын суммасы.

Өндүрүмдүүлүк менен жашоо деңгээлинин өз ара байланышында терең сыр бар. Өндүрүмдүүлүк жашоо деңгээлин шарттаган биринчи фактор болсо, демек, башка себептин баары кийинки катарда болуусу айтпаса да түшүнүктүү. Мисалы европалык жумушчулардын жашоо деңгээлинин жогорулоосун акыркы 50 жылда кесиптик бирикмелердин жакшы иштөөсү же минималдык маяна тууралуу мыйзамдардын таасиринен улам болду деп божомолдоого мүмкүн. Бирок чын-чынына келгенде, иштегендердин чыныгы берекеси алардын өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулоосуна катылган.

Өндүрүмдүүлүк менен жашоо деңгээлинин өз ара байланышы өкмөттүк программалар аркылуу түзүлөрүн эстен чыгарбоо зарыл. Сиз популист саясатчынын тигил же бул кыска мөөнөттүү ишчаранын жашоо деңгээлине шумдук таасир берет дегенин уксаңыз өзүңүзгө «Бул сунуштап жаткан программа товар жана кызматтарды өндүрүүгө кандай таасир берет?» деген суроо узатыңыз. Бакубат жашоонун пайдубалы өндүрүмдүүлүктү арттырууга негизделген. Демек биз ишке жараган жаранбызды заманбап илим-билим, алдыңкы технология, шайман жана аспаптар менен камсыздообуз керек.

***(уландысы бар)***

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун «Экономикс» китебинен

# Алманбет кытай болсо да, жүрөгү кыргыз деп соккон

*Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас*
*Жериң эсен жатабы?*
*Жыргалдуу журтуң көп ногой,*
*Аргын, кыргыз аралаш*
*Элиң аман жатабы?* деп улуу "Манас"баянында айтылгандай ушул күндөргө чейинки кыргыз элинин калыптануу процессинде титулдук деп эсептелген кыргыз улуту көптөгөн башка этностор менен жуурулуша жашап келгендигин жогорудагы саптар тастыктап турат. Аргын, кыргыз аралаша жашап, мамлекеттүүлүктүн негизин түптөп, бири-бирине табигый түрдө сиңишип көп улуттуу элдер жашаган Кыргызстаныбызда учурда келечектеги паспорт маселеси коомчулугубузду эки жээктен кыйкыртканга аргасыз кылып турат



### Кыргыз дегенде каны-жанын аяган эмес

Алмамбет атабыз кара динден ак болуп, бир боор эли тарабынан куугунтукталып, казакка сиңейин десе, казактар айгак кылышып, Көкчөнүн колтугуна суу бүркүп, казактан чыгып кайгырып, кадырлашы Көкчөдөн каргаша болуп айрылып, же Мекени жок карыптык түшүп, атынын оозун бош коё берип, кадырды билер эл издеп, көңүлдү улаар эр издеп кыргыз жергесине келип, айкөл Манас бабабыздын зор сый-урматына татыды. Ошого жараша ак кызматын кылып, чыныгы диндеш, дилдеш, идеялаш досу болду. Жоону бирге чабышты. Мамлекеттүүлүктү тикелөөдө урпактар сыймык менен кылымдардан-кылымдарга эскерип даңаза кыла турган иштерди жасап кетишти. Алмамбет атабыз улуту бөлөк экенине карабай, кыргыз тукумуна нар көтөргүс мээнет кылды. Каны-жанын аяган жок. Акыры өмүрүн да берди. "Кудайга шүгүр, бүгүнкү күндө саны коңшу элдерден азыраак болсо да, өз желегибизди булгалай алабыз, чамгарагыбыз бар. Азаттык ырыбызды эркин ырдайбыз. Паспортубуз бар", – деп мактанып калабыз. Кыргыз-кыргыз болгону башынан не деген күндөрдү кечирбеди. Агыны катуу суу кечип, ашуусу бийик дабан ашты. Андан бери улуу жомокто айтылгандай тоо бузулуп сай болду, сай бузулуп коо болду. Турмуштун ысык-суугун татыды.

Мамлекет дагы каны айланып турган тирүү организмге окшош нерсе. Мамлекет башындагылар-да кандайдыр бир ой жаралып, коомчулуктун талкуусуна койгонун чыныгы демократиянын белгилери деп атасак да болот. Дегеним, кечээ жакында сунушталган жаңы паспортто "улуту" деген графанын болбой тургандыгы коом ичинде бир топ өйдө-ылдый пикирлерди жаратты.

### Тынтыкбек Чоротегин кеп айтат. Кеп айтканда деп айтат

Интернет айдыңындагы талкуулардын башын белгилүү журналист Кадыр Кошалиев баштап берген. Тарыхчы Тынтыкбек Чоротегин фейсбуктагы баракчасында: "Кыргыз паспорту автоматтык түрдө "Кыргыз жараны" деген түшүнүктү берет, аны эгемен мамлекетибиздин кадырын билбеген түркөйлөр гана аңдай албайт.

Ал эми өлкөдөгү майда этностордун өкүлдөрү өкмөттүн эсепкердик санариптик маалымат банкында өздөрүнүн этностук тегин көрсөтүшү мүмкүн, үйдө өзүн немис, уйгур, дунган, орус, корей, украин, татар, жөөт, өзбек, казак, каракалпак, ж.б. деп сезип, алар деле өз эне тилин билиши керек, бирок сыртқы дүйнө үчүн алар – кыргыздар, Кыргыз жарандары.

Тажикстандагы кыргыздар – тажик жараны, Өзбекстандагы кыргыздар – өзбек жараны, Кытайдагы кыргыздар – кытай жараны, алар – теги кыргыз, бирок өз мамлекетинин туусун көтөрүшөт.

Мен "СССРдин жана Батыштын акчасына" билимимди өркүндөтүп, турмуштук кеңири тажрыйба алганымдан кийин жаңыча патриот болуп чыгып жатам. Кыргызстандын узак мөөнөттүү демократиялык өнүгүү концепциясы боюнча маалыматты дүйнөнүн чар тарабына таркатууга салым кошуп жатам. Мындан мен эч уялбайм, кайра сыймыктанам.

Ошол эле учурда, Олимпиадада Кыргыз туусун желбиретип алтын алып келген, дүйнөгө кыргыз маданиятын даңазалаган, экономикабызды өркүндөткөн теги кыргыз эмес миллиондогон мекендештерим да ар кыл этностук тегине жана ар кыл динине карабай Кыргыз жараны экенин баса белгилеп жана сыймыктанып айта алам. Алар да Кыргызстандын өнүгүүсүн кыргыздар менен чогуу камсыз кылып келишет.

Мен сугарылган баалуулук – жалпы адамзатка таандык, анын ичинде "Манас" дастанында, Жусуп Баласагындын "Кут билиминде", Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында, карапайым эненин бешик ырында, атанын нуска сөзүндө камтылган баалуулуктар.

### Интеллигент сөрөйлөрдүкү өттү

Ал эми "Ибарат" теледолбоорунун жетекчиси Назира Аалы кызы соц. тармактарда жөн эле жаза берүүнү жактырбаганын айтып келип жаны күйгөнүнөн гана кайчы пикир айтып, төмөндөгү саптары менен бөлүшкөн. "Ушу толеранттуу, гумандуу көрүнгүсү келген интеллигент сөрөйлөрдүкү өттү. Улутун кытай өңдүү кырса түгөнгүс супер этностор деле көрсөтөт, ал эми улуту ким экени белгисиз аралашма элдер айтпай койсо дагы жарашат. Андыктан так ошондой элдер алып салган ошол графаны. Азыр ааламдашуу алкымдан алган опурталдуу заманда бизге окшогон майда элдер эси жоктук кылып улутун унутса, эртең тарыхтын таш-талканында калып, чаңга айлануу коркунучу бар! Андай жоголгон элдердин тарыхы дүйнөгө белгилүү. Ошо биздин ойкуштаган обу жок серепчилер сыйынган Батышта улуттун өзүн ӨЗҮ аныктоосу күч алууда азыркы тапта.

Адам укугу дегенде айкырып чыга калган укук коргоочулар айтсынчы, менин улутумду аныктаган маалыматты алып салса, менин адамдык укугумдун тебеленгени да, туурабы?! Мен өзүмдүн улутумдан айрымдарга окшоп уялбайм, андыктан мен улутумдун так ошол паспортто БАДЫРАЙЫП жазылышын каалайм, анан эмне себеп менен мен ошол укугумдан ажырашым керек?!

Башка маселени кыйратып салгансып, баштарына таш тийип, улут деген маселени козгобой эле коюшсунчу. Баары бүтүп ушу калса дагы. Балээнин башын кылтыйтпасаңарчы!"

Кыскасы, фейсбуктагы кайым айтышуунун учу-кыйыры көрүнө турган эместей. Анткени менен, элибиздин келечеги үчүн, мамлекеттүүлүгүбүздүн бекемдиги үчүн туура жыйынтык чыгаруу коомубуз үчүн маанилүү.

### Дуңган урууларын билбейм, мен сарбагыш эле болуп калдым

Паспорттогу улут деген графаны алып салуудан кыргыздар эмнеден утулат да, эмнеден утуш алат деген суроонун үстүндө сергек ой жүгүртүп көрөлү. Кыргыз Республикасынын конституциясынын 1-беренесинде Кыргыз Республикасы – эгемендүү, демократиялык, укуктук, башкарууга дин аралашпаган, унитардык социалдык мамлекет деп жазылып турат. Кыргыз улуту өлкөдөгү титулдук улут болгондон кийин каада-салтын, маданиятын жоготуу коркунучу туулушу мүмкүн эмес. Айрым интернет баракчалардагы улуту үчүн күйгөндөр өздөрүн Өзбекстандын же болбосо башка бир мамлекеттин автономдуу бөлүгүндө жашап жатып, улуттук баалуулуктарына катуу кысым көрсөтүлүп жаткандай таасир калтырышкан. Тескерисинче, паспорттогу аты аталган графаны алып салуу менен өлкө ичиндеги этнос аралык барьерлердин жоголушуна шарттар түзүлөт. Кыргызстанда сексенден ашуун улут бар. Бардыгы өздөрүн кыргызстандыкпыз деп эсептешет. Алардын кыргыз болгусу келген ниеттерине суу сеппейли. Белгилүү артист Юрий Бобковдун "Каным орус болсо да, кыргыздын кыдык уруусунанмын" дегени көңүлдү көтөрөт. Кочкордо Гыя деген машийне оңдогон дунган жигиттен дунган уруулары тууралуу сурасам, "Дуңгандын урууларын билбейм, мен сарбагыш эле болуп калдым", – деп айгынан жарылып, кыргыз болгусу келген ниетин көп жыл мурун эле байкагам. Мамлекеттик тилдин маанилүүлүгү биринчи орунга чыгып, бардык иш жүргүзүү кыргыз тилинде гана жүргүзүлүп калары турган иш эле. Биз каалайбызбы, каалабайбызбы дүйнө элдеринин тарыхында ар кандай себептерден улам ассимиляция процесси жүрүп турат. Бул деген көпчүлүккө азчылыктын сиңип кетиши дегенди билдирет. Бир өлкөдө жашагандан кийин улуту башка болсо да келин алып, кыз узатып дегендей нерселер болуп эле жатпайбы. Кыргыз жигиттери башка улуттун кыздарынан колукту алып, кыргыз кыздары башка улутка келин болуп жаткан учурлар көп эле катталган. Эгерде ыйманы, дини, тили келишип турса неге болбосун. Миңдеген жылдар бою кыргыздар көптөгөн элдер менен жуурулуша жашап көбөйбөсө түгөнүп калган жок. Кыргыздар дале да болсо Манас бабабыздын ураанын жер жаңырта кыйкырып кыргыздын атын өчүрбөй келе жатабыз. Кыргыз көчү дале болсо өз сапарын улантып бара жатат. Кытайда майда улуттарды ханзулаштыруу саясаты мамлекеттик деңгээлде атайын жүргүзүлүп жатканы баарыбызга белгилүү. Жазуу-сызуу жок заманда деле, паспорту жок заманда деле кыргыз-кыргыз атын жоготкон эмес. Ал эми биздин кичинекей мамлекетибизде түзүлө турган жагымдуу жагдайга тескери кол жайып турганыбыз – акылсыздык. Эл дагы тамырын чиритпей, сабагын кыйыштырып жашарып туруучу биологиялык организм болуп саналат. Эртеңки күнү дөөлөтүбүз башкалардан артык болуп, Кыргызстандын байрагы дүйнөнүн алдыңкы иш-чараларында желбиреп турсун десек, өлкө ичиндеги улуттар бири-бирине карата котур ташын койнуна катпай, ак пейилден ачык болуп, ынтымакырашкеликте мамлекетибизди астыга сүрөшүбүз керек.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Борбордук аянтта ооз ачуу чатыры

**Рамазан айы кирип келгенден тарта мечиттерде дасторкон жайылып, ооз ачууга келген мусулмандарга жык толо баштады. Мындай көрүнүш бир эле мусулман өлкөлөрүндө эмес, башка динди тутунган мамлекеттерде да жылдан-жылга кулач жайып барат**











## Германияда ооз ачыруу көнүмүш адат

Европа өлкөлөрүнүн аттуу-баштууларынын мусулмандарга арнап дасторкон жаюусу, келген адамдар менен биргеликте баарлашып, чогуу даам татуусу быйыл өзгөчө көп байкалып, кызуу талкууга түшүүдө. Жакында Германиянын президенти Йоахим Гаук Берлин районундагы калкынын көбүн мигранттар түзгөн, жашоо шарты начар Маобит кыштагына келип ифтар уюштуруп кетти. Гауктун мусулмандарга ооз ачтырып, алар менен бир дасторконго отурганы жаңылык деле болгон жок. Анткени, Европанын эң көп мусулман жашаган өлкөсү катары Германияда ооз ачыруу кадимки көрүнүшкө айланган. Йоахим Гаук мусулмандар менен тамактанып жатып: "10 саатка созулган илимий талаш-тартыштан көрө, 1 саатка созулган жөнөкөй отуруштар жүрөктөрдү жибитип, адамдын ыйманын бекитет" деген. Ал эми АКШнын президенти иптар тамагын туура Ак үйдүн өзүндө уюштуруп турат. АКШда мындай жөрөлгө салтка айланып баратат. Анткени Жорж Буштун убагынан бери бузулбаган ооз ачыруу салтын АКШнын башка президенттери да катуу карманышат.

Ошондой эле, Канаданын өкмөт башчысы Джастин Трюдо мусулман журтчулугу менен жакын ымалада экенин жашырбайт. Жыл сайын өзүнүн мусулман досторуна жана жалпылай мусулмандарга жайнаган дасторкон жайып, алар менен чогуу тамактанат. Бирок, дүйнө эли минтип мусулмандар менен кошо ыйык айды майрамдап жаткан чакта, калкынын 90 пайызын мусулмандар түзгөн коңшу өзбек бийлиги ооз ачырууга аземине катуу тыюу салды. Буга чейин иптарлыкка мечиттерде, тойканаларда жана коомдук жайларда гана тыюу салынып келген болсо, эми катардагы жарандар үчүн да өз үйүнө конок чакырып, иптар уюштуруусу бир топ оорлой түштү.

Дээрлик бардык мусулман мамлекеттеринде жана айрым Европа өлкөлөрүндө иптар тамагы ачык асман алдындагы жайыл дасторконго тартылат. Узундугу 200 метрден 1000 метрге жеткен тасмалдан бир эле мусулмандардын жоон тобу эмес, башка динди тутунган ар улуттун өкүлдөрүнө да даам сызганга шарт түзүлөт. Аземди уюштуруучулар болсо дал ушундай ооз ачыруу ар улуттун жана ар агымдын өкүлдөрүнүн ортосундагы ынтымакты бекемдеп, Ислам динине сыйпалган кара көөнү өчүрүүгө көмөктөшүп, анын кереметтүүлүгүн даңазалайт деген ишенимде.

## "Рамазан чатыры" долбоору башталды

Анткени менен биздин өлкөдө буга чейин коомчулукка ооз ачыруу мечиттерде, же тойкана, чайканаларда гана берилип келген болсо, быйыл ал дагы бир сонун саамалык менен көркөмдөлүп отурат. Кечээ, 20-июндан тартып Бишкектин борбордук аянтына да чатыр тигилип, калың элге дасторкон жайылды. 200 кишиге ылайыкташылган тасмалдан адамдар туткан динине, улутуна жана социалдык абалына карабай келип даам сызып кетсе болот. Уюштуруучулардын бири "Ыйман" фондунун жетекчиси Нуржигит Кадырбеков ифтар бир эле тамак берүү менен чектелбестен, маданий программа менен да коштолуп жатканына токтоло кетти.

– Орозо айы адамдардын мамилелерин жакшырта турган, ортодогу капалыктарды кетире турган, жүрөктөрдү бириктире турган ай. Ошондуктан ооз ачууга динине, этносуна, орозо туткан-тутпаганына карабай келсе болот. Биз ыйык рамазан айын бир эле диний майрам катары кабыл албашыбыз керек, бул айдын социалдык да, маданий да мааниси аябай чоң. Дал ошол себептүү атайы Тарых жана маданият жылына карата Рамазан чатыры долбоорун баштадык. Кудай Таалам да берекесин аяган жок. Ар күнү ар башка жамааттар, элчиликтер ооз ачыруу милдетин өздөрүнө алып атат. Адамдардын мамилелерин жакшыртуунун бир нече жолу болот. Алардын бири өз ара белек беришүү же тамакка чакыруу. Кафелердин толуп атканы жакшы көрүнүш. Бирок элге кафеге мүмкүнчүлүгү барлар гана ооз ачырбай, башка жөнөкөйүрөөктөр да соап тапсын деп ушундай иш баштап атабыз.

## Каражаты жетсе, ооз ачтыра берсин

Мындан сырткары, Нуржигит Кадырбеков ооз ачтыруу жөрөлгөсү мындан ары дагы өнүгүп-өсүп салтка айланат деген ишенимде. Анткени, адамдар орозо айынын маани-маңызын терең түшүнө баштапты дейт ал.

– Эртеден кечке тамак ичпей жүрүү эле максат эмес экендигин, бул шарттардын бири гана экендигин, такыба болуу, бири-биринин көңүлүн көтөрүп, таарынычтар болсо кечирүү керек экендигин мусулман адам терең түшүнө баштады. Ошондуктан мындай жөрөлгө дагы өсүп-өнүгөт, аркага кетпейт деп ишенем.

Ифтар убагында бир эле мечиттер гана эмес, борбор калаадагы ресторан, кафелер да элге жык толуп, бир аз кечиккендерге бош орун калбай калууда. Анткени менен ооз ачуу аземи кадимки той-топурдун бир түрүнө айланып баратат дегендер да жок эмес. Бирок бай адамдардын катарын толуктаган Жогорку Кеңештин депутаты Махабат Мавлянова айым ооз ачыруу тойго айланып бара жатат деген пикирге кошулбайт. "Бай болсо, акчасы жетиштүү болсо, ооз ачтырып соап алгандын эмнеси жаман" деген эл өкүлү өзү да рамазан айында кайрымдуулук иштерин көп жасаганын айтат.

– Ооз ачыруунун жаман жери жок. Мейли, бай болсо, каражаты жол берсе ачтырсын. Башка адамдын курсагын тойгузуу деле кайрымдуулуктун, боорукердиктин белгиси эмеспи. Той болуп баратат дегенге кошулбайм. Анткени 1 саатта тойго айланып кетиши мүмкүн эмес. Мен ден-соолугума байланыштуу орозо туткан жокмун, бирок бир аз болсо да мусулмандык парзымды аткарып коюу үчүн жакындарымды чакырып ооз ачтырып жатам. Андан сырткары, мүмкүнчүлүгү чектелгендерге, мечиттерге акча бөлүп жатам.


## 1000ден ашык үй-бүлө жардам алды

Рамазан айы кайрымдуулуктун, ток пейилдиктин, боорукердиктин айы деп бекеринен айтылбаган чыгар. Ыйык айда турмушу начар, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга кол сунуп, мээримин төккөндөрдүн катары көбөйүп баратат. Айтсак, көпчүлүккө таанымал болуп калган "Элим барсыңбы" кайрымдуулук фонду кайрымдуу адамдардын саны башка айларга караганда Рамазан айында көбөйгөнүн белгилейт. Фонддун мүчөсү Канимет Майрамбековдун айтымында ыйык ай жаңыргандан тарта, муктаждыктагы 1000ден ашуун үй-бүлөгө ар кандай материалдык жардам көрсөтүлгөн экен.

– Боорукер ага-эжелерибиздин жардамы менен аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө 1000 сомдук азык-түлүк баштыкчасын жана кийим-кече таркаттык. Андан тышкары, орозо туткан бир туугандарыбыз үчүн күнүнө Самира кафесинен 200 адамга ылайыкталган ифтар тамагы уюштурулууда. Иптарлык тамагы үчүн ар бир кишиге 250 сомдон бөлүнүп жатат, – дейт ал.

Кыскасы, жыл өткөн сайын минтип жаңы кубанычтар, жаңы жөрөлгөлөр кошулуп турганы жалпы момун-мусулмандын, ал тургай мусулман эмес жарандардын да дин Исламга болгон сый-урматын арттырып, жүрөктөрүнө жылуу илеп тартуулайт. Мурда ооз ачууну бир гана ачка жүргүү катары ойлогон атуулдарыбыз бара-бара анын бир туугандыктын, кайрымдуулуктун жана ынтымактын айы экенин түшүнө баштайт. Ооба, кимдир бирөөгө бир нерсени сөз менен эмес, ушунтип кылган ишиң менен түшүндүрүү кандай сонун! Ислам тынчтыктын, бейпилдиктин дини экенин эң сонун түшүндүргөн жана эң жакшы чагылдырган Рамазан айы бардык мекендештерибиз үчүн кут болсун! Кош келдиң, куттуу Рамазан!

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА




# Кыргызстанга кесипкөй доктурлар керек

Балбан Жанарбек Кенжеев 20 жылдан бери кыргыздын желегин желбиретип, өлкөбүздү жакшы жагынан таанытып, 2014-жылы Астана шаарында чемпион болгон. 2016-жылы Тайландда азия чемпиону болуп кыргыз элин сүйүндүргөн. Тайланддан кийин Астанада өткөн турнирде Бразилияга барчу лицензияны алган. Бирок, жазында Грек-рим күрөшүнүн балбаны допинг-тесттин жыйынтыгында организминен мельдоний табылып, олимпиадалык лицензиядан ажырап калган.

Допинг колдонгон деген айып менен Олимпиада оюндарына жолдомо алуудан кур калган балбан Жанарбек Кенжеев маалымат жыйын өткөрдү. Анда ал күрөш федерациясы менен спорттук дарыгерлердин айынан жабыр тарткандыгын билдирди. Эсиңиздерде болсо март айынын аягында Жанарбек Кенжеевге тиешелүү допинг маселесинде өтө көп түшүнбөстүктөр чыккан

## "Б пробасын тапшырууга мүмкүнчүлүк болгон жок"

Маалымат жыйынында Жанарбек Кенжеевдин юристи Жоомарт Жолдошев буларга токтолду:

– Бизде жашыра турган эч нерсе жок. Балбандын күйөрмандарына, элине бул маалыматтар ачык-айкын жетүүсүн каалайбыз. 12-апрелде кыргыз күрөш федерациясынан Жанарбектин атына "Сизди эл аралык мелдештен четтетебиз, каныңызда мельдоний препараты табылды" деген билдирүү келген. Каттагы билдирүү менен кошо ага өз укуктарын колдонуу да айтылган. Акыркы чечимден мурун ага бир укук берилген. Эгерде бул чечимге макул болбосо, Б пробасын тапшырып өзүнүн актыгын тастыктаса болот. Маселеге тиешелүү маалыматты жазып, өзүнүн жактоочу кагазын жөнөткөнгө 20 күн берилет. Тилекке каршы, бул тууралуу Жанарбекке айтылган эмес.

Андан сырткары, Б пробасын тапшырууга мүмкүнчүлүк болгон жок, жактоочу катты да жазган эмес. Күрөш федерациясы жактоочу кагазды жөнөткөнүн айтып, бирок кайсы убакта жөнөткөнүн айта алган жок. Алар көбүрөөк аракет кылып, тиешелүү юристтерди чакырса, Жанарбектин укугун коргоп, аягын чейин чыгарса болмок.

26-апрелде Допингге каршы дүйнөлүк агенттик (ДКДА) уюмунан Кенжеевден допинг табылбаганы тууралуу кат келген. Анда спортчу мындан ары оюнга катыша берсе болору жазылган. 11-майда дагы бир кат келди. Ал катта спортчунун Астанада болгон эл аралык турнирде жеңгендеринин баары четтетилсин делген. Кыргыз федерациясы менен дүйнөлүк күрөш союзунда болгон кагаз алышуу токтоп жатат. Биздин федерацияга мен "Мындан башка дагы эмне чара көрдүңөр?" десем, алар "Бир кат жөнөттүк" дешти. Кат качан, эмне болуп, кантип кеткени белгисиз. Көрсө, алар жөнөткөн кат таарыныч катарындагы кат болуп калыптыр. Чынында, мунун баарынын үстүнөн иштеп, тактап, аягына чейин чыгуу боюнча иш-аракет кыла албагандары өкүндүрдү.

Мельдоний дүйнөлүк аренада чоң ызы-чууну жаратууда. Орусияда 2012-жылы мельдоний адамдын жашоосуна керектүү деп табылган. Ал эми 2016-жылдын 1-январынан баштап тыюу салынган. Бул дарыны спортчулар энергетикалык метоболизм деп айтышчу.

Негизи ДКДА ар бир дарыны изилдеп, чечим чыгарып, тизмесин жаңылап турат. Бирок алар менен иштеген дарыгерлердин иштеши өтө шалаакы. Бизге бул дары качан, кантип келгени белгисиз. Дүйнөлүк ДКДАга Жанарбекке Б проба тапшырганга мүмкүнчүлүк бергиле деп кайрылдым. Себеби Күрөш федерациясы баарын өзүбүз кылабыз деп жүрүп убакыт өтүп кетти. Акыркы мүмкүнчүлүк 2-майга чейин болчу. Жанарбектин актыгын, тазалыгын далилдеп, лицензия алуу боюнча иштеп жатабыз.

## "Канымдан мельдоний табылды дегени шек жаратууда"

Жолдомодон ажыраган Кенжеев талаш маселеде спорт агенттиги да, олимпиадалык комитет да, мамлекет да жардам бербегенин айтты:

– Лицензия алган соң Бразилияга даярданып жаткам. Кыргызды дагы бир жолу олимпиадада таанытып, желегин желбиретейин дегем. 12-апрелде ДКДА уюму канымдан мельдоний табылды дептир. Лицензиялык мелдешке чейин Тайланддагы Азия чемпионатынын алдында анализдерим таза чыккан. Эгерде ал анализдерим таза болбосо, лицензиялык турнирге жибермек эмес. Канымдан мельдоний 0,85 грамм гана табылган. Бирок 1 граммга чейин уруксат берилген. Организмден мельдоний табылгандан 10 күн өткөндөн кийин ДКДАдан олимпиадага уруксат берүү каты келди. Уруксат алгандан кийин машыгып баштагам. Бирок дагы 10 күндөн кийин лицензиямды Индия мамлекетинин спортчусуна берди. Менин таламымды олимпиадалык турнирдин өкүлдөрү же болбосо спорт комитети талашса болмок. Эми айла жок өзүм чыгып жатам. Менин эч кандай күнөөм жок. Кыргызстанда 4 доктур ДКДАдан айлык алат. 2015-жылдын аягында Астанада, 2016-жылы Орусияда мельдоний ичкенге болбойт деген чогулуш өтүптүр. Бактыгүл Насыровна жана башка доктурлар мельдоний ичкенге болбойт деп бизге айтышы керек эле. Булардын кайдыгерлигинен, шалаакылыгынан кыйналып жатам. Өлкө башчыга бул маселени жеке көзөмөлгө алуусун суранам. Мельдоний денеде 3 ай, же болбосо 6 ай кармалат. Мисалы, 2008-жылдан 2012-жылга чейин мельдоний ичилип келген. Ошондой эле машыгууда жүрөктү сактоого да ичишкен. 2016-жылы Америкалыктар мельдоний ичүүгө тыюу салышты. Акыркы жолу аны 2014-жылы ичтим. Эми ал каныңан табылды дегени мен үчүн түштөй болууда. Анткени Азия чемпионатында таза чыгып, бир айдан кийин табылганы шек жаратууда. Көрө албаган бирөөлөр бут тосуудабы, мен түшүнбөй жатам. Башка мамлекеттердин спортчуларынан мельдоний 1 грамдан ашык табылса да, соттошуп утуп алышат. Бизде чуркаган эч ким жок. Баары эле кайдыгер карашат. Б пробасы жөнүндө уккан эмесмин, айтышкан да эмес. Кат жөнөтүү тууралуу да маалыматым жок. Бул жерде менин эч кандай күнөөм жок. Кыргызстанга жакшы кесипкөй доктурлар керек. Жакшы доктур болбосо олимпиададан цитрамон, тайлал хот ичсең деле чыга берет. Спортчулардын доктурларын алмаштырып, жаңы доктурларды коюш керек.

## "Спорт агенттигинин иши эмес"

Олимпиядалык спорт түрлөрү боюнча дирекциянын басма сөз катчысы Кабыл Макешов мельдоний препараты тууралуу билбей калганына спортчу жана анын машыктыруучусу күнөөлүү экенин айтат:

– Мельдоний кызытма допинги тууралуу дүйнөлүк антидопинг агенствонун маалыматын бүт дүйнө билет. Жанарбектин канында мельдоний чыкканы далилденген. Анын машыктыруучусу жүйөлүү себептерден улам бара алган жок. Анткени ал Орусияга кеткен спортчуларды алып, Польшадагы мелдешке кеткен. Спортчунун кызытма допинг колдонгону аныкталгандан кийин олимпиадага барчу жолдомосун Эл аралык күрөш федерациясы кайтарып алды. Бардык спортчулар мельдонийдин допинг тизмесине киргенин билет. Ал эми Жанарбек менен машыктыруучусунун билбей калышына өздөрү күнөөлүү. Мындай окуялар абдан көп катталууда. Өзгөчө Орусиянын спортчулары ушундай жагдайга туш болуп олимпиадага катышуу укугунан ажыроодо. Бардык эле канынан допинг табылгандар соттошом, далидейм дей берсе олимпиадалык оюнга катышуу укугу кандай болуп калат? 0,85 грамм болгондон кийин күрөш федерациясы лицензиясын алууда. Эгерде тазалыгын тастыктайм десе, Алматыдагы допинг агенттигинин далилдөөсү керек. Далилдөөгө өзү барып, мельдоний чыккан чын эле өзүнүн каныбы же жөн эле жалаа болуп жатабы, ошону билсин. Бул маселени чечүү үчүн жактоочу, федерациянын өкүлдөрү барсын. Жанарбектин жеке машыктыруучусу жана аны менен иштеген доктурлар экинчи жолу тестен өтүүсүн талап кылышсын. Бул спорт агенттигинин иши эмес. Бул антидопинг менен иштеген кызматкерлердин жумушу. Каттар спорт комитетке эмес, күрөш федерациясына келет. Күрөш федерациясынын президенти Шаршенбек Абдикаримов, Арзыбек Кожошев. Ошолор аракет кылсын, – дейт ал.

Эске салсак, мельдоний допинг препаратынын айынан бир гана Кыргызстандын спортчулары эмес, чет өлкөнүн спортчулары да жабыркаган. Ошондой эле белгилүү теннисчи Мария Шараповадан да мельдоний препараты табылып 2 жылга лицензиядан ажыратылган.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Демократия артка чегинбейт

Саясат таануучу, Жапонияда 10 жылдан ашык жашап, окуп жана иштеп келген жаранybыз, "Демократ" партиясынын төрагасы Сейтек Качкынбай учурдун саясатчылары жана кыргыз саясатын жөнгө салуу жолдору тууралуу кеп салды

## Тышкы саясат ички баалуулуктарды коргошу керек

Биз 5 негизги баалуулуктун тегерегинде бириктик. Биринчиси – дүйнө менен ат салышкан заманбап мамлекетти куруу. Экинчиси – "Бир өлкө, бир улут" деген принцип. Кыргыз Республикасынын атуулдарынын баары тең кыргыз болушу керек. Өзбек тектүү, орус тектүү, татар тектүү, ар тектүү кыргыз болушу мүмкүн. Баарыбыз тең кыргызбыз, бирдиктүү улут, бир өлкөбүз. Үчүнчүсү – өнүккөн базар экономикасын аягына чыгаруу, т.а. менчикке кол тийбестиги кепилденген ишкерлери көп күчтүү экономиканы калыптоо. Төртүнчүсү – демократиялашууну аягына чыгаруу, ал деген – сот системасы көз каранды болбогон, мыйзам үстөмдүгү, адам укуктары жана конституциянын ар бир тамгасы иштей тургандай мамлекет куруу. Бешинчиси – тең салмактуу тышкы саясат. Ички саясаттын уландысы катары жүргүзүлгөн тышкы саясат. Жогорудагы төрт баалуулукту коргоп бере алган, ошонун өнүгүшүнө өбөлгө, шарт түзгөн тышкы саясат.

## Иш эмес, сот кирешелүү болуп калды

Экономиканын көйгөйлөрүн түшүнүү үчүн ишкердин көзү менен карашыбыз керек. Карапайым элди кыдырганда: "Айланайын бир инвестор алып келип, мобул жерди оңдоп берчи" дегендер көп болот. Инвесторлорду кайрымдуулук уюму деп ойлошот. Ишкер кирешеге караган киши. Ар кандай деңгээлде отурган өкмөт кызматкерлери да элден алыс кеткен эмес. Дароо кайрымдуулук кылбаган ишкер: "Бизнесим чоң деңгээлге чыгып, өнүккөндө бирөө келип тартып албайбы?" деп кабатырланат. Бирөө келип коркутушу мүмкүн, ишиңди мынчага сат, болбосо минтип коёбуз, тигинтип коёбуз деп, же салыкты текшерип, маселени ырбатып дегендей. Ошондойдо бизнести ким коргош керек? Бизнести биринчи мамлекет коргоп бериш керек. Мамлекет дегенде биз сотко кайрылабыз. Азыркы сотторго элдин 90%ы ишенбейт. Сот араздашкан эки жактан тең пара ала берет. Иш эмес, сот абдан кирешелүү бизнес болуп калган. Бизнестин коопсуздугуна мамлекет гана толук кепилдик бере алат.

## Биздин сотту чет өлкөлүктөр тандасын

Учурда милиция, прокуратура эл арасында абройун жакшыртайын деп көп иштеп атат. Соттор гана тымпыйып, оңолууга ниети да жок сыяктуу. Сотторду ким тандайт деген суроо өтө маанилүү. Биз, "Демократ" партиясы сотторду тандаш үчүн мамлекеттик кадр кызматы сыяктуу бейтарап орган болушу керек деп ойлойбуз. Анын мүчөлөрү ар тараптан: жарандык коомдон, бизнес чөйрөдөн, сот системасынан болушу керек. Жарымы сот системасы жакшы иштеген өлкөлөрдөн болгону туура. Мисалы 10 киши тандай турган болсо, 5өөнү чет өлкөдөн, Жапондон, Америкадан, Шведден дайындалса адилеттүү болот эле. Эгер жалаң кыргыздарга тандатсак бөлө, таяке, тууган болуп чырылдашып жатып калабыз. Бул биринчи жагы. Экинчи жагы адилеттүү тандалган сотторго татыктуу маяна беришибиз керек. Учурда соттор аргасыздан бийликке көз каранды болуп, бийликтин пайдасына чечим чыгарып калып жатат.




## Сөздү бийлик эмес, эл тоготуп, жыйынтык чыгаруусу керек

Сөз эркиндиги бар, жалпыга маалымдоо каражаттары күчтүү Жапония сыяктуу өлкөдө журналисттер кандайдыр бир фактты ачып, коомчулукка жарыялап коё турган болсо, 99% учурда аты аталган аткаминер жумуштан кетет. Аны эч ким жумуштан албайт, өзү эле уят деп кетип калат. Туура сөздүн күчү ушундай. Айтылган сөздү бийлик гана эмес, эл да баалап, тоготуусу керек. Коомчулук өзү канчалык деңгээлде тоготуп, жыйынтык чыгарганы өтө маанилүү нерсе.

Бизде көп учурда ачууга алдырып, обу жок кыйкырып, ыплас сөз колдонгон, башкаларды коркуткан адамдын сөзүн сөз эркиндиги менен алмаштырышат. Бул уят нерсе, керек болсо кылмыш экенин көбүбүз унутуп калабыз. Бизде мурунку чакырууда жасалма дипломдору бар депутаттар болбодубу. Абийири айрандай төгүлүп турса да ордунан кетпей коюшту. Бул абдан эле опурталдуу нерсе. Жапонияда жумуштан кетмек турсун камалмак. Ошол бойдон аброю биротоло кирдеп, саясий өлүк болуп калмак. Бизде сот чечими бийлик тараптын мамилесине жараша чыгат.

> «Сотту тандагандын жарымы чет өлкөдөн Жапондон, Америкадан, Шведден дайындалса жакшы болот. Жалаң кыргыздарга тандатсак тууган болуп чырылдашып жатып калабыз»

## Демократия баары бир жеңет

Маалыматты бурмалап, бир тараптуу маалымат берген булактарын карасаң авторитардык режимдер демократияны жеңип бараткан сыяктуу көрүнөт. Бирок бул жаңылыш түшүнүк. Демократиянын тарыхтагы орду жана өнүгүүсү боюнча "демократиянын үч толкуну" деген түшүнүк бар. Демократиянын биринчи толкуну деп 19-кылымдын аяктарында Америкада атуулдук согуштун натыйжасында кул ээлөөчүлүк система жоюлган. Американын биринчи президенти Авраам Линкольн эки мөөнөтүнөн кийин, үчүнчү жолу туруп бер деген элге: "Жок. Эгер конституцияны бузсам, жаман жөрөлгө болот", – деп баш тарткан. Демократиянын экинчи толкуну менен Европа мамлекеттеринин көбү элдик башкарууга өткөн. Демократиянын 3-толкуну деп СССР кулагандан кийинки доорду айтып келишет. Демек демократия жеке адамдын же топтун бийлигин жеңип келе жатат. Учурда 200гө жакын мамлекет болсо, анын 50%дан көбү демократия жолун тандагандар.

## Америка менен касташпай эле душман болуп алганбыз

Демократия үч нерсени: саясий, атуулдук жана сөз эркиндигин талап кылат. Бул үч нуска менен карап көрсөк, алар боюнча учурда Европада маселе жок. Биздин Кыргыз Республикабыз 1993-жылы демократияга абдан жакын болуп, толук жетүүгө бир жарым эле пункт калган болчу. 1994-жылдан кийин тетири толкун кетип, 2000-жылы абалыбыз төмөндөгөн. 2005-жылы кайра алдыга кетип, 2008-жылы кайттык. 2010-жылы демократияга кайткан сыяктуу болдук, бирок кайра таз кейпибизди кийип калчудай болуп турабыз. Мындай чайпалуунун негизги себеби Совет бийлигинин мураскери болгон Орусиянын жүргүзгөн саясаты таасир тийгизип жатат. Биз орусиялык телеканалдардын пропагандасын туптүз кабыл алабыз. Карапайым калкта башка өлкөлөрдүн ЖМКсы менен салыштырганга мүмкүндүк жок. Коколой башы калган Азаттык менен BBCге ишенбей "америкостор" деп орусту туурап жүрөбүз. Кыргыздар Америка менен өмүрү касташпаса да жаман көрө беришет. Бул орус сыналгысынын таасиринен башка нерсе эмес.

## Активдүү жаран маңкуртка каршы

Бирок Кудайга шүгүр, азыр англисче, түркчө, жапанча окуп, окуяларга сын пикир менен караган муун өсүп келатат. Эмне үчүн бизде демократиялык коом болбойт деп жол эрежесин бузгандарды, уурдагандарды көрсөтүп жатат. Биздин активдүү коом учурда өзүнчө бийликке айланып баратат. Муну эми эч ким артка кайтарып, толугу менен жаба албайт. Бирок мурунку өз баалуулуктарын төмөн көргөн маңкурттардын кысымы дагы эле бар. Алар жаңы муунга "силер келесоосуңар" деп түз айтпаса да, ичибизде программаланган акылында мындай пикир ташыгандар жок эмес. Ошолордун оозу, кылыгы менен кайра бизди өзүбүздөн адаштырып, башка жакка эрчитүү механизми бар. Эч болбосо эле андайларды сатып алат.

Кыргыз башкаруусунда тургандар азыр бир өңчөй эмес. Бийликтин ичинде дагы либералдык, демократиялык баалуулуктарга жакын кишилер бар. Ошолор аркылуу мамлекеттин кызыкчылыгын жеке, топтук жана тышкы кызыкчылыктардын алдына түртүп чыгаруу керек. Жергиликтүү шайлоолорго катышууну карап жатабыз, жакында чечилет. Жакынкы авторитардык өлкөлөрдө элди алдаган популисттер күчкө ээ. Бизде да жакында эле эки мусулманды кырылыштырып салышпадыбы. Коом экиге бөлүнүп, эки жаат болуп мушташып кете жаздады. Жаман, капа кылчу ыплас сөздөрдү айтып жиберишти. Авторитардык бийликте элдин көңүлүн негизги көйгөйлөрдөн башка нерселерге буруп салышты. Чынында либералдык, демократиялык багыттарды карманабыз дегендердин саны азыраак. Либералдык демократияны бири Батыштан, экинчиси Жапониядан жана башка тараптан үйрөнүп келгендиктен, жергиликтүү элдин оорусун кошо алып келген сыяктуу. Бирок демократия коомду акырындык менен бириктирет. Мисалы, Түштүк Кореянын 60%ы христиан, буддистер 39%. Алар бири-бири менен урушпай эле жүрүшөт. Баары тең мыйзам негизинде. Либерал демократия дегендик конституционализм дегендик. Конституцияда эмне деп жазылса ошол ишке ашат. Мисалы Жапондордо деле атеисттер толтура, ишеними деле ар башка, бирок урушкан жок. Батыш, Чыгыш Германияны караңыз, эч ким тытышкан жок. Себеби конституция ар бир динге, көз-карашка, ар бир позицияга эркиндик берип жатат. Башка адамдын ишеними менен жолуна доо кетирбесе, мыйзамда уруксат берилет.

# Кыргыз жупкасы турса, кытай куксисин жебейли




"Апам өз колу менен камыр жайып, очокко бышырып жупка даярдачу. Андан кийин аны чоң чарага майдалап туурап, үстүнө сүттөн кошуп, бир аз шекер татытып туруп баарыбызга бөлүп берип тойгузуп коёр эле. Ошол даамды алиге чейин унуталбай жүрөм" дейт бүгүнкү каарманыбыз Кенже Асанова

Ооба, бүгүнкү күнү ошол энелерибиз мээримин төгүп жасаган тамактар унутулуп, кытайдын, орустун жасалма азыгын жеп жүрөбүз. Бирок, буга ким күнөөлүү? Албетте өздү баалай билбеген өзүбүз. Бирок, Кудайга шүгүр, учурда аз да болсо ары баалуу, ары пайдалуу улуттук даамдарыбызды көтөрүп чыгып, эл арасына, ал тургай дүйнөгө чыгаргысы келген адамдарыбыз пайда боло баштады. Мына кечээ эле шорону Шоро кылган Табылды Эгембердиевге суктанып, таң калып отурчу элек, эми бүгүн дагы бир жаңылыктын, дагы бир жакшы жөрөлгөнүн башы башталып отурат. Эмесе сөздү көп узарта бербей, так ушул жупканы "Жупка" кылган каарманга көңүл бурсак...

## Апамдан калган өнөр

Бала чагыбызда апам курсагыбызды жупка менен эле тойгузуп койчу. Үй-бүлөдө 15 бир тууган болгондон кийин, баарынын курсагын тойгузуш кыйын болсо керек. Бир чарага толтуруп жасап берет. Баарыбыз жеп алабыз. Эртең менен жесең, кечке чейин ток жүрөсүң. Компаниянын атын "Нуска&К" деп атагынымдын себеби да ошондон. Апамдын аты Нуска эле. Баштапкы ойду апаман алдым десем да болот.

Негизи, жупка жасап чыгарсамбы деген идея 2000-жылдардан бери бар болчу. Анда студент кезим, жатаканада жашачумун. Ошол кезде кытайдын кукси деген тез татымдары чыгып аткан. Эми студентсиң да, бирде ток, бирде ач дегендей. Анан ошол куксиден көп эле жеген учурлар болду. Апам деле жасаган жупкасынан бир баштык толтуруп салып турчу, бирок бат эле түгөнчү. Кээде кытайдын зыян куксисин жегиче, өзүбүздүн жупканы ушу сыяктуу кылып чыгарып койсо болбойбу деп ойлоп койчумун.

## Башында 10 даана менен баштагам

Оболу жупканы өз балдарыма жасап берип көрдүм. Балдарым жакшы жеди. Тамшанып бат эле түгөттү. Бул эмне деп кызыгып сурап да калышты. Ичимен "Менин балдарым жегенди элдин балдары неге жебесин?" деп ойлонуп калдым. Анан ошол ой менен жупканын алгачкы үлгүсүн чыгардым. Алгач апам жасагандай кылып эле камырын колго жука жайып, мешке бышырып алдым. Базардан 10 желим идиш сатып келип, аларга салыштырып, жаныбыздагы дүкөнгө коюп койдум. Элдер кызыгып алып жеп көрүштү. Эл кандай кабыл алып жатканын байкап көрүп, алардын ойлорун, кеңештерин уктум. Ар ким ар кыл сунушун айтты. Майы аз, тузу көп, же камыры калың дешти. Ошентип изденип жүрүп, 2015-жылы расмий жупка жасаган ишкана ачтык.

## Күнүнө 500-1000 даана жупка

Башында камырын колго жайып жүрдүк. Кийин өндүрүш көбөйгөндө атайы жабдууларды алып келдик. Азыр баарын, жайганын да, бышырганын да техника жасап калды. Учурда ишканада 30га чукул жумушчу иштейт. Күнүнө болжол менен талапка жараша 500-1000 даана жупка чыгат. Келечекте өнүм көбөйсө, жумушчу да көбөйөт деп турабыз.

Мурда ар бир кардарга жупка эмне экенин айтып, ар бирине жекече таанытып турчумун. Антпесең бул эмне кытайдын тамагыбы, же түрктөрдүкүбү деп сурашат. Азыр жакшы, элдер билип, унутулуп калган кыргыздын нукура азыгы экенин түшүнүп калды. Кээде адамдар чалып: «Ушундай таза тамак чыгарып жатканыңа рахмат» деп ыраазычылык айтып калса, сүйүнүп калам.

## Чет өлкөгө чыга баштады

Биринчи Бишкекке ачсамбы дегем. Бирок шаарга ишкана ачуунун машакаты абдан көп экен. Анын үстүнө Таластан да өнүм чыксын, Таластын да аты чыксын деп Таласка ачтым. Ишкананы ачууда бир тууган байкем Дуулатбектин да эмгеги зор. Анткени ал менин идеямды колдоп, ишти экөөлөп баштаганбыз. Ал өнүмдүн чыгышын көзөмөлдөсө, мен сатылышын, дүкөндөр менен сүйлөшүүнү колго алгам. Азыр жупканы шаардагы ири супермаркеттерден, дүкөндөрдөн тапса болот. Акыркы кезде Орусияга да чыга баштады.



## 100 пайыз адал, 100 пайыз таза

Баасы 40 сом болгондон кийин, кытай тез татымдарынан бир аз кымбатыраак. Ошондуктан арзан тамактар менен кантип атаандашасыз деп сурагандар болот. Жупканын курамында эч бир консервант, боёк жок. 100 пайыз адал, 100 пайыз таза тамак. Андыктан тамактын сапатына карап, ден-соолугуна кам көрөм деген адам өзү тандап алса керек. Мен деле арзан кылып чыгарып койсом болот. Мисалы, жасалма сары май кошуп, арзан сүзмө алып эптепсептеп жасап койсом деле болот. Бирок мен адамдарга таза тамак сунуштагым келет. Дүйнө Кыргызстанды таза тамактын өлкөсү деп билсе дейм. Алдыда дүйнөгө чыга турган да пландар бар.

## Жупкадан түрдүү тамактар жасалат

Мында ачыткы жок болгондон кийин ашказанга тез сиңет. Ооруканда жаткандарга, 6 айдан ашкан балага, жаңы төрөгөн аялга деп көп алышат. Негизи жупкадан тамактын түрүн жасаса болот. Аны элдер биле беришпейт. Мисалы тегерек жупканы алып эки бетине коюу сүттөн сыйпап жесе кытыраган таттуу жупка болот. Ошол эле жупкага салат чөбүн, бир эки кесим колбаса, жумуртка, бир эки тилим помидор тизип, майонез, кетчуптан бир аз кошуп үстү-үстүнө коюп гамбургер кылып жесе болот. Ал эми чоң жупкалар катуу болуп атпайбы, аны бир сыйра кайнак сууга сала койсо жумшара түшөт. Анан лаваш катары колдонсо да болот. Жумшарган жупканын бетине бетине майонез сыйпап, сабиз, бадырaң, дагы башка жер-жемиштерди майда туурап бетине жайып тоголоктоп туруп, кыя-кыя кесип койсо салат болуп калат. Ошол эле жупканы майдалап сындырып балга же коюу сүткө аралаштырып койсо чак-чак катары да кетет. Ал эми карыларга өтө майдалап туруп бал аралаштырып берсе ден-соолугуна пайдалуу болуп, тасмалдын да көркүн ачат.

Учурда баардык талаптарга жооп берген биздин гана ишкана бар. Бизди тууураган ишканалар да чыкты. Бирок алардын сапаты кандай экенин айта албайм. Ар бир нерсенин өз убагы болот дегендей, убагы келгенде, ишибиз бир нукка түшүп калганда, өндүрүштү кеңейтип, Кыргызстандын бардык аймактарына ачсакпы деп турабыз. Азыр жупканын 3 эле түрү чыгып жатпайбы, ал убакта ар кандай түрлөрү чыгып калат. Мисалы эт, пияз дагы башка азыктар кошулган тез татым болот. Бирок ал үчүн көп суммадагы каражат керектелет, албетте. Ошондуктан азыр аз пайыздагы узак мөөнөткө берилчү кредитке муктаж болуп турам.

## Өкмөт өнүктүрөйүн дебейт

Биздин бийликтегилер өнүгөйүн деген адамга колдоо кылгандын ордуна, кайра этектен тарта бергени кейитет. Мисалы, ушул өндүрүмдү патенттен өткөрүү үчүн барсаң, тигини ал, муну ал, мынча сом төлө деп бюрократиялык процесстер ишти ого эле кыйындатат. Эптеп тырмалаңдап баш көтөрүп келе жатсаң башыңан басат. Мисалы, казактар көрө элек муну. Көрсө, шап эле илип кетип: «Биздин нукура тамак, Казакстанда чыккан» дешет. Анткени казактар жаңы нерсени жерде калтырбайт. Кыргыздын оюусу, боз үйү, көк бөрүсү да талашта турбайбы. Ошентип муну да бир күнү алдырып жиберишибиз мүмкүн.

## Орозодо адамды ток кармайт

Жупканы өзгөчө ооз жапканда жесе, суусатпай, ток кармайт. Шартка жараша орозо кармабай калдым. Бирок биздин азык менен ооз ачып, ооз бекитип жаткандарды карап, бир аз болсо да сооп болуп жатат деп калам. Өзүм да кайрымдуулук иштери менен көп алектенем, балдар үйүнө ай сайын соопчулукка деп бекер жупка таратып турабыз. Андан сырткары, айрым мектептер менен сүйлөшүп койгонбуз. Аларга да өзүбүздүн колдон чыккан азыктардан берип, ыраазычылыгын алганга аракет кылабыз.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



# Орус генийин өстүрбөгөн бийлик

Евразиялык экономикалык биримдикте лидерлик кылууга Владимир Путин башкарган Орусия эмес, Нурсултан Назарбаев жетектеген Казакстан жарактуураак экени Петербургдук эл аралык экономикалык форумда (ПЭЭФ) дагы бир жолу билинип калды




## Орус форумунун өзгөчөлүктөрү

Орус бийлиги тарабынан «Давос» аттуу Эл аралык экономикалык форумга атаандаш катары каралган Петербургдук эл аралык экономикалык форум (ПЭЭФ) Швейцариянын Давос аттуу тоолук курорт шаарында өткөрүлүп келе жаткан форумдан түп тамырынан айырмаланат. «Түп тамырынан» дегенде биз уюштуруучулары менен жетекчилиги жана каржылоосуна токтолгубуз келет.

Давос форумун 1971-жылы швейцариялык профессор Клаус Шваб түзүп, ушул күнгө чейин алмашпай жетектеп келет. ПЭЭФ болсо биринчи жолу Орусия өкмөтүнүн жардамы менен Федерация Кеңеши жана Көз карандысыз мамлекеттеринин шериктештигинин (КМШ) Парламенттер аралык ассамблеясы тарабынан өткөрүлгөн. Орус форумунун милдетин башында Федерация Кеңешинин жетекчилиги жүктөнүп келсе, 2006-жылдан баштап Орусия өкмөтүнүн башчылары өз карамагына алган.

Давос форуму тээ башынан бери ага дайыма катышууга кызыкдар компаниялар менен мамлекеттер төлөгөн мүчөлүк акыдан каржыланып келет. Учурда ага 70тен ашык мамлекет жана 1000ден ашык эл аралык ири компаниялар мүчөлүк акы төлөшөт. Ал эми ПЭЭФ 1997-жылы түзүлгөндөн баштап орус өкмөтү аркылуу каржыланып келүүдө.

Мындан сырткары, ПЭЭФтин уюштуруу, башкаруу жана каржылоо өзгөчөлүгү анын жигердүү иштеп, жакшы натыйжага жетүүсүнө таасирин тийгизип келет. Экономика менен жакын тааныш адамдардын басымдуу бөлүгү муну «таасир» эмес, «кедерги» деп атоого макул.

## Эл аралык жеп-ичмей

Бир-туугандар бир маарәке үчүн ыража чыгарса, же бизде жакшы адатка айлангандай мектепти 20 жыл мурун бүтүргөндөр акча жыйнап, мектебинин же айылынын чоң көйгөйүн чечсе, ага катышкан мүчөлөрдүн баары жапа тырмак колдоп, жаңы жана пайдалуу идеялар көп сунушталат жана алардын көбү ишке ашат. А эгер туугандардын отурушун, же 20 жылдык мааракени бир эле бай тууган, же көпөс классташ каржылап салса, ал отуруштан жеп-ичмей жана мактанмайдан башка эч нерсе чыкпайт.

Быйылкы ПЭЭФте 1 триллион рублдук келишимдерге кол коюлганы жар салынганы менен анын көбүн кайра эле орус өкмөтүнө жакын чөйрөлөр каржылап, акчанын көбү өкмөт менен бирге иш кылган коммерциялык ишканаларга кетээрин экономикалык серепчилер баамдашкан. Өкүнүчтүүсү – мындай абал Путин жетектеген доордо гана эмес, Орусия мамлекет катары каймактагандан бери өзгөрбөй келет деген көз-караш бар. Италиянын 41 жаштагы премьери Маттео Ренци буга чейин орус президенти сындап өткөн америкалык демократияны мактап, Орусия ички саясатындагы мүчүлүштүктөн улам Украина менен чатакташып, эл аралык экономикалык жана саясий тосотторго кабылганын кыйыр түрдө белгиледи.

Ошондой эле серепчилер быйылкы форум «эл аралык жеп-ичмейден» көп узаган жок деп баамдашты. Себеби өзү каржылагандыктан өз билгенин кылганга даяр орус бийлиги форумдун катышуучуларына жаңы эч нерсе суна алган эмес.

## «Силер уйсуз сүт талап кылуудасыңар»

Быйылкы ПЭЭфте эң күчтүү сөз Герман Греф модераторлук кылган отурумда сүйлөндү. Бул сөз «орус феноменинин» үстүндөгү жабууну сыйрып, постсоветтик өлкөлөрдүн интеллектуалдарына орусту озутпаган «аксак бутун» көргөздү. Модератордун: «Биздин ар бирибиздин көкүрөгүбүздү «Орусия атаандаша алабы?» деген ой өйүп келет. Ушуга жооп берип коёсузбу?», – деген суроосуна АКШнын Массачусетс технологиялык университетинин (МТУ) профессору Лорен Грэхем: «Дүйнөлүк төртүнчү өндүрүш ыңкылабында көп мамлекет пайда тапты. Бирок Орусия анын берекесинен куру калган мамлекеттердин бири. Кымындай Швейцария Орусиядан 3-4 эсе көп жогорку технологиялык өндүрүмдөрдү экспорттогон. Орус окумуштуулары эбегейсиз чоң ачылыштарды кылат, бирок аларды ишке ашырып сатканын байкабайбыз. Ойлоп тапкыч менен инноватордун чоң айырмасы бар. Инноватор ойлоп табылган нерсе же кубулушту коммерциялык өндүрүмгө айлантып өзү пайда табат жана коомго да пайда алып келет. Лазердик технологиялар боюнча эки Нобель сыйлыгы орус окумуштууларына таандык, бирок лазер менен иштеген бир да орус компаниясы жок. Электр лампаларды биринчи Яблочков ойлоп тапкан, бирок аны Томас Эдисон ишке ашырып, бул базарды америкалык компаниялар баскан. Попов Маркониге чейин эле радиотолкун аркылуу маалымат жеткирген жана Орусия жердин биринчи жасалма спутнигин учурган, бирок учурда Орусия эл аралык телекоммуникация базарынын 1 пайыздан азына гана ээлик кылат. Мен бул тизмени уланта берсем болот. «Эмне үчүн орустар аябай жакшы ойлоп табышат, бирок аябай жаман экономикалык пайда табышат?» деген суроо өтө маанилүү. Жообу мындай. Орусия эч качан экономикалык туңгуюктан дайыма чыгып кетүүгө шарт түзгөн коом калыптай алган эмес. Падышалык доордон ушул күнгө чейин орус коому жаңыланып өсүүнүн түйүндөрүн технология менен чечсе болот деп келишкен. Ооба, жоопту технологиялар бышып жетилип өнүккөн коомдук экономикалык чөйрөдөн эмес, технологиядан издеп келишкен. Мен муну Массачусетс университетинин жамааты менен Орусияны кыдырганда жакшы түшүндүм. Орусиялыктар бизге «эмки чоң илимий ачылышты МТУдан озуп ачуу үчүн эмне кылуу керек» деген суроолорду узатып жатышты. МТУнун ийгилигинин сыры анын маданиятында гана камтылган эмес. Ал Бостон шаары менен жалпы АКШнын маданиятында камтылган. Идеялар пайда болуп, акча алып келген долбоорго айлануусу үчүн кандай маданият керек? Алар: Демократиялык башкаруу формасы. Инвесторлор жаңы технологияларды талап кылган эркин базар. Интеллектуалдык менчикти коргоо. Коррупция менен кылмыштуулукту көзөмөлдөө. Күнөөлөнгөн тарап өзүнүн күнөөлүү эместигин далилдеп, акталып кетүү мүмкүндүгү бар укуктук система. Мындай маданият сын-пикир айтууга, өз эрки менен болууга уруксат берет. Ал маданиятта кайра жандануу үчүн кээде ийгиликсиз болууга жол берилет. Инновациялык коомду мүнөздөгөн, кол менен кармалбаган бир нече баалуулук ушул. Университет менен институттагы орустар буларды аңдабай, бизге технологиялар боюнча ондогон суроо берип жатышты. Бул суроолордон чарчаган МТУнун ректору Рафаэль Райф мырза орус коллегасына бурулуп: «Силерге уйсуз сүт керек экен», – деп үшкүрүндү. Учурда орус жетекчилиги модернизация кылууга аракеттенүүдө. Өкүнүчтүүсү алар кайра эле падышалары жана советтик жетекчилер кеткен чыйырга түшүп алышты. Алар технологияны коомдук-саясий системалардан айрып карашууда. Эбегейсиз каражаттарды жумшап, ири долбоорлорду ишке ашырууга аракет кылышууда, бирок ошол эле учурда митингдерге тыюу салууда. Бийлик үчүн аттандашууга жетилген саясий атаандаштары менен ишкерлерди басмырлоодо. Укуктук системаны өз кызыкчылыгына жараша бурмалоодо. Алар орустардын илимий кызматташуусун кылмышка айланткан мыйзамдарга кол коюуда. Авторитардык режимдерди колдоодо. Мындай саясат тобокелчиликке даяр ишкерлерди, инноваторду калыптаган коом жарата албайт. Бул саясат жазалануудан коркуп, башын жакасына каткан адамдардан турган коомго алып келет. Аларга уйсуз сүт керек. Бул саясат улана берсе, мен чын жүрөктөн сыйлаган орус окумуштууларынын илимий генийи ишке ашпаган бойдон кала бермекчи», – деп агынан жарылды.

> «Масачусетс университетинин ийгилинин сыры анын гана эмес, Бостон шаары менен жалпы Американын маданиятында камтылган»

## Назарбаев үлүшүнөн кур калган жок

Мамлекетке жакын банктын атын атагысы келбеген вице-президенти «Жеке менчик, айрыкча, ири жеке менчик Орусияда жок. Биз банкирлер өз долбоорлоруна мамлекеттик каржы сууруп чыгара алчу кардарларды талашуу менен алекпиз. Ошондуктан өлкөдө жакында эч нерсе өзгөрчүдөй эмес», – деп наалыган.

ПЭЭФке мунай менен алек болгон батыш компанияларынын жетекчилери Рекс Тиллерсон (Exxon Mobil), Боб Дадли (BP), Бен ван Берден (Royal Dutch Shell) жана Патрик Пуянненин (Total) баары бири калбай шурудай тизилип жетип барган. Себеби алар Орусияга коюлган экономикалык бөгөттөр алынса, Орусиянын байып бара жаткан мунай желинин жулмалай калыш үчүн Владимир Путинге көз көргөзүшмөк. Батыш орустар Крымды жымыргандан берки эки жылда ПЭЭФке эч ким мындай кызыга элек болчу. Саясий жетекчиликтен да батыштык лөктөрдүн бирөөсү, Еврокомиссиянын мүдүрү Жан-Клод Юнкер баштаган бир топ аткаминер барган. Бирок орусиялык жетекчилик эски таарынычы жана мамлекеттик кызматташуудан башка жаңы эч нерсе суна алган жок. Аларга караганда бир боорубуз казактардын ажосу Нурсултан Назарбаев Астанада визасыз жана британдык укук менен тескелген каржы борборун ачууну сунуштады. Бул Казакстандын Орусияга караганда ЕАЭБге жана дүйнөгө бир нерсе сунуштай аларын айгинеледи.

Саресеп гезитинин аналитикалык тобу

# Р.Кудайбергенов: Эң биринчи кубокту "Талас" уткан

## "Талас" командасынын түптөлүшү

Көк бөрү боюнча Кыргызстандын эң биринчи чемпионатын жана эң биринчи Президенттин кубогун Талас облусунун "Манас-Талас" деген жалаң бир айылдын балдарынан куралган командасы уткан. Кийинчерээк командалардын деңгээлдери өстү. "Дордой" сыяктуу командалар чыккандан кийин албетте, бир айылдын командасына жеңишке жетиш кыйын болуп калды. 2000-жылдары Талас районунун жигиттери "Беш-Таш" деген команда түзүп, Бишкеке келип байгелүү орундарды ээлеп келишкен. 2004-жылы "Беш-Таш" менен Чаткал Жолдошев агабыздын командасы биригип "Ынтымак" командасын түзгөн. "Ынтымак" командасы 2005-жылы Президенттин кубогун, 2004-жылкы Кыргызстан чемпионатын, 2007-жылы Нооруз турнирин уткан. Бул команда 2010-жылы таркагандан кийин ордуна 2011-жылы "Биримдик" деген команда келди. Анан 2013-жылдан баштап азыркы "Талас" командасы түзүлдү. Жалпы эсеп боюнча Талас облусунун командалары Президенттин кубогун 4 жолу утту. (2000-2005-2014-2015-ж.ж.)

## 2014-жылдан баштап күчүнө кирди

Спортто эки нерсе болгондо гана команда утат. Биринчиси акча, экинчиси туура иш. Анан "Дордойго" окшогон бай командалар чыккандан кийин мындай командаларга кыйын болот да. Ошол убакта "Рассвет" деген команда да финансы, ат жагынан күчтүү болчу. 2006-жылдан баштап "Бөрүлү" командасы күчүнө кирди. Бирок көк бөрү Талас облусунда тиешелүү деңгээлде калбай калган. Ошол үчүн бизде бир аз деңгээл түшүп кеткен. Турнирдин баары Чүйдө өткөндүктөн Таластан келип кетиш да кыйын болчу. Азыр деле Ош облусунан 5 эле оюнчу бар. Эмне үчүн? Оштон Чүйгө такай эле оюнга келе албайт да. Көк бөрүчүлөрдү алып жүрүш өтө кыйын. 2013-жылдан баштап жаш, мыкты, намыстуу жигиттер келип команданы башкача деңгээлге көтөргөнгө аракет кылып жатышат.

## Команданын өзгөчөлүгү жана ойноо чеберчилиги

Талас облусунда майда командалар бар. Мурда ошол командалардын кимиси облустун биринчилигин алса, ошол команда негизги курамды түзчү дагы калган командалардан мыкты балдарды өздөрүнө кошушчу. Кайсы команда утса ошол команданын аты аталчу. Азыр кайсы команда утат деген жок. Талас боюнча 4 райондун ичинде 4 жолу оюн өтөт. Ошол оюндардын негизинде кураманы түзүп "Талас" деген ат менен ойношот. Жаңы система боюнча уткан команда курамдын негизин түзөт деген жок. Башка командаларда клубдук система бар. Өзүнүн белгиленген балдары менен гана оюн жүргүзүшөт. Бизде алардай болуп балдар байланган эмес. Мисалы, Талас облусундагы улам мыкты чыккан балдарды командага ала беребиз. Бул ыкма кез-кезде өзүнүн пайдасын бербей, зыяны да берип коёт экен. Анткени командалык оюн бузулат. Анан ачык айтыш керек, биз тактикалык жактан өтө өнүккөн команда эмеспиз. Биздин жекеме-жекеге чыкчу аттарыбыз күчтүү болгондуктан басымды жекеме-жекеге жасайбыз. Калган жактарыбыздан өнүгө албай атабыз. Бирок көч бара-бара оңолот.



## Курчоо ыкмасынан баш тартуу



Эгер жекеме-жекеден алып чыксаң анан аттарың күчтүү болсо курчоо ыкмасы жакшы. Аны туура колдонсоң аттар урунбайт, балдар да урунбайт. Бирок ар бир нерсенин карама-каршысы бар. Азыр "Сары-Өзөн", "Достук" курчоодон коргонуунун ыкмаларын жакшы өздөштүрүп кетишкенге биз бул ыкмадан баш тартып, башка ыймага өтүп атабыз. Бирок азырынча ишке аша элек.

## Эл оозунда калган легендарлуу оюнчу жана аттар

Союз убагында эр оодарыш боюнча бир нече жолу чемпион болуп жүргөн Нураков Эсенкул деген агабыз командасын капитаны болуп жүрдү. 45 жашка чейин көк бөрү тартып, 2011-жылы оюндан чыгып, азыр калыстык кылып жатат. Мактаныч эмес, ал киши улакты такымга басканда бир да оюнчу ала алган эмес. Анарбаев Нургазы деген да алдыңкы улакчы болгон. Барпиев Нурлан деген оюнчубуз азыркы Рустам, Сейитбектердей көк бөрүнүн жылдызы болчу. Изабаев Кубаныч деген алдыңкы оюнчубуз кийин Дордойго контракт менен кетип, оюн көргөзүп жүрдү. Оюну элдин баарын тамшандырган Улан Кыбыраев деген оюнчубуз18 жашынан баштап, былтыркы жылга чейин көк бөрү тартты. Аттардан айта турган болсок, 20-30 жылдан бери көк бөрүдө жүргөндөр билет, "Манас-Талас" командасындагы Буурул улак тийгенде 90% салган.

## Улан Кыбыраевдин орду...

Улан Кыбыраевдин командада өтө чоң орду бар болчу. Тилекке каршы былтыр катуу жаракат алып, оор операцияга туш болду. Ал минген Евро деген ат дагы жаракат алып экөөнүн жогу биздин командага аябай таасир берди. Анткени бир командада бир ат менен бир оюнчу гана жакшы ойносо, калгандары жардам берсе, команда утушка ээ болушу толук мүмкүн. Ошол эле "Кабылан" командасы БТР деген аты бар Урмат Мусаевдин эсебинен чемпион болуп жүрүшкөн.

## Ортодо оюн көргөзгөн аттардын асты Ахилес

Бул ат 2013-жылдан бери бизде ойнойт. Кара-Балталык "Кабылан" командасынын мүчөлөрүнөн сатып алганбыз. Буга чейин ортого турган ат эмес болчу, кийин тура баштады. Бул аттын потенциалы бар, күчкө толуп турат. Ахилестин жакшы жактары көп, бирок аны биздин команда толук пайдалана албай атабыз. Көк бөрүдө ат менен бала келишмейинче көркүнө чыкпайт. Ахилес көркүн чыгарып мине турган кишисин таппай турат. Анан бир аз тескери өнөрлөрү бар. Ошолорун унутуп таштаса эле бул ат алдыга жылат. Ахилеске улакты өзү ыргытып жибере турган күчтүү бала керек. Анткени ал курчоодо жүрө албайт.



## Жеңилүүнүн себептери

Биринчиден быйыл биз курамды кыйла жашарттык. 2014-2015-жылы чемпион болгондо оюнчулардын көбү 74-82-жылкы балдар болчу. Жаш балдар бир күндө келип эле Манас, Семетей болуп кетпейт экен. Биздин өзүбүздүн Таласта ойнолгон улак азыркы тайказанга бир аз тосколдук берип атат десек болот. Ал эми Чүй облусунун оюну тайказанга ылайыктуу. Азыр Таласта элге түшүндүрүү жүрүп атат. Бирок аксакалдар, жергиликтүү калк макул болбой жатышат. Бизде оюнга бир командадан 7ден, 9дан, же 11ден оюнчу чыгат. Тойго чогулганда көк бөрүчүлөр 11-15ке чейин ойнойт. Анан 15 тен 30 бала ойноп атса кандай тартип болсун. Мындайча айтканда бизге жаңы заманбап ыкмага өткөнгө бир аз убакыт керек болуп атат. Албетте, жеңишке күчтүүсү жетет.

Жазгы турнирде жер оор болуп Манас салып кетти. Баткактын айынан жерден эңе албай калдык. Андан кийинки турнирде жеңилүүгө дуушар болгонубуздун себеби, биз тулуп (муляж) тартабыз деп аттардан көбүнчө күлүгүрөөктөрүн коюп алганбыз. Курчоо ыкмасынан качабыз деп күчтүүрөөк жана ургуч аттарыбызды киргизбей, тулуп чабабыз деп алданып калдык. 2-3 атты туура эмес киргизип койгон экенбиз. Оюнду 2-3 ат деле чечип коёт да. Экинчиден эреже бузуулар болду. Ошол жерден психологиялык жактан команда артка кетип калды. Бир эле чырчатак, бир эле учур команданын оюнун сындырып коюшу мүмкүн. Бирок, тулупту, же болбосо калысты, же бир оюнчуну шылтоо кылгандан алыспыз. Эми актана берсең шылтоо көп. Достук командасы да жакшы ойноду.


## Былтыркы жеңишти кайталайбыз деген үмүт бар

Кубокто Достук менен Таластын ортосундагы оюн мурдагыдай эле катуу болот. Бир тараптуу оюн болот деп ойлобойм. Албетте, кайсы оюнга чыкпайлы жеңишке жетебиз деген тилек менен чыгабыз. Биз азыр 2-3-орун бололу деген максатыбыз жок. Кандай болбосун чемпион болобуз деп чыгабыз. Анткени биз акыркы 3 жылдан бери эч кимге чоң айырма менен утула элекпиз. Улуу рамазан айы аяктагандан кийин, 10-июлдан баштап дайынданабыз. Азырынча программа түзүлүп жатат. Дайындык Бишкекте же болбосо Чүй облусунун бир жайлоолорунда болушу мүмкүн.

РАХАТ АКМАТОВА

# «Мага алы жетпей үй-бүлөмө асылышат»

Мурунку Башпрокурор, азыркы «Ата-мекен» фракциясынын депутаты Аида Салянова коомчулукка төмөнкүдөй пикирин жарыялады:




Урматтуу достор! Көптөгөн каалоо-тилектериңиздер үчүн чоң ыраазычылык билдирем!

Эл баамчы, баарын түшүнүп турат деген ой менен мени каралоо кампаниясына көп көңүл бурбайм. Бирок фейсбуктагы кээ бир комментарийлерге жооп берүүнү туура таптым. Анда менин жолдошума сын айтылган.

Адамдардын кагылышуусунда эң ыплас нерсе бул адам үчүн ыйык болгон - үй-бүлөсүнө кол салуу.

Мен креслого жармашкан адам эмесмин. Байланыштардын, же болбосо акчанын күчү менен эч бир кызматты ээлеген жокмун. Башкы прокурордук кызматынан алууда өздөрүнө ыңгайлуу адам керек болгон соң - маселе жок. Бирок кийин бизге каршы иштебесин деген жаман ой менен мени кылтакка илип койгулары келди. Менин өзүмдөн кынтык табалбагандан кийин туугандарыма, үй-бүлөмө чабуул башталды. Эч бир тиешеси жок агамды кыздын өлүмүнө жабыштырышты. Андан майнап чыкпаган соң, жолдошума оюнан чыгарып, бир дагы далили жогуна карабай кылмыш иш козгоп, кийин кубөлөрдү коркутуу жолдору менен айып тагышты. Кудайдан корком деген адамдар жалаа жабуу деген чоң күнөө экенин билиши керек эле.

Ал тургай, жолдошумду эң бай адам катары көрсөткүлөрү келди. Өмүрү болбогон 360 машинанын ээси кылышты. Менин агаларым тээ 90-жылдардан бери биринчилерден болуп машина ташышты. 20 жылдан ашык убакытта алынып келген машиналарды жеке менин жолдошумдуку кылып көрсөтүштү. Бул калп болсо, Бажы кызматы бүгүн эле билдирүү жасаса болот. Экөөбүз тең карапайым үй-бүлөдөн болгон соң, бутубузга өзүбүз турдук, ашык оокат бизде эч качан болгон эмес. Акты кара кылып атышканда бирөө "Кой-ай, калптын дагы чеги болот" деп койгон жок.

Кечээ мага агам телефон чалып, ошол өлүм фактысы боюнча тергөөчү кайра чакырып жатат дейт. Убагында мен Башкы прокурор болуп турганда азыркы ички иштер министрине кылмыш иши козголду эле. Балким бу дагы болсо ошонун кесепети. Коррупция менен күрөшөм деп жүрүп көп душман таптым. Меникиндей таасирлүү душмандар башка бир дагы адамда жок болсо керек. Анын кесепетин мен парламенттик ишмердүүлүгүмдө дагы байкайм.



Эгерде сен жумушуңа берилип иштесең, шантажга, коркутууларга моюн бербесең, сүйлөшүүлөргө барбасаң, тосколдукtарга карабай аруу тилек менен иштесең сенде кандайдыр бир кепилдик болуш керек да, сен калптын, көрө албастыктын, ушактын курмандыгы болбошуң керек да деп ойлодум эле. Ачуу чындык... Бирок Кудайыман башка кепилдик болбойт экен.

Мен жолдошума ыраазымын. Менин айымдан саясаттын кир оюндарына аралаштырышып, канчалаган кыйынчылыкты башынан өткөрдү. Жолдошум чындап эле мыйзам бузууга барган болсо, анда мага сунушталган жумушунун бирине бара бербейт элем... Кош бойлуу болуп турганда өзүмдүн кара жанымды аябайт белем. Жеткен уурулар, зөөкүрлөр баралбаган жамандыкка бийлик барып жатса, алар менен бир казанда кайнагым келген жок.

Кызматтан мага абийир, чындык жогору турат. Өмүр бою ушул принциптен кайтпайм!

Мына бүгүн дагы каралаганын токтотушпайт. Бирок аны менен алар кыйындыгын эмес, өзүлөрүнүн алсыздыгын, кудуретсиздигин гана көрсөтүп жатышат. Эмне демекчимин, мен бир гана Кудайыма таянам!

## Тобосу жок табасы кангандар

Аиданын ушул билдирүүсүнөн кийин Адилет Айтикеев негедир табасы кангандай жооп кыла кетти.

***Жашоо бумеранг бекен, Аида Жеңишбековна?!***

Сиз айткан сөздөр негизи идеалында туура, бирок ошол жаман жоруктарды баштап кеткен өзүңүз эмес белеңиз? Сиздин айыңыздан Акылбек Байсалов деген тажрыйбалуу врач өз жанын кыйып албады беле?! Канчалаган адамдарды эч далили жок камабадыңыз беле? Келдибековдун сотуна баштанаяк катыштым, эптеп каралоо максатында чампалап жок материалдын баарын чаптап иш козгоп камаганыңызды унутуп койдуңузбу? Эми Сиз кызмат кылган бийлик жаныңызга күч келгенде мокочо көрүнүп калдыбы? Эгер агаңыздын тиешеси болбосо, анда Камила деген аймончоктой кыздын өлүмүнүн негизи себепкери эмне үчүн табылбай келе жатат? Эми Сиз үчүн адам укугу, демократия, акыйкаттык деген сөздөр зарыл болуп калдыбы? Балким Урмат Аманбаева жеңебизди ооруп жатканына карабай сот залынан камагандай кылып Сизди да эч нерсеңизге карабай парламенттин залынан камап көрбөйлүбү? Камчыбек Ташиевди сопсоо жеринен жинди деп жалган справка жазгандай кылып Сизге да Чым-Коргонго жолдомо берип көрбөйлүбү? Азиз Батукаевди чыгарганга жардам бергендей ыкма менен жолдошуңузга болушуп жатасызбы? Эгерде Сиздин жолдошуңуз мамлекеттик иште иштебесе, аялынын бийлиги аркылуу таасир жасабаса анда эч кандай кылмыш козголмок эмес. Убагында саясатта жүргөн бир нече депутаттардын өзүн камаганыңыз аз келгенсип, алардын атасынын, кызынын дүйнөсүн камакка алганыңызды унутуп калдыңызбы? Ошонун айынан Ташболот Түлеев деген аксакал жүрөгү кармап каза тапканын унуттуңузбу? Данияр Нарымбаев экөөңөр улам Атамбаевге каттап жатып Ахматбек Келдибековго кылмыш ишин козгогонго добро алып, аны камаганыңызды унуттуңузбу? "Келдибековду кандай жол менен болсо да соттогула" деп сотторду коркутканыңызды унуттуңузбу? Келдибековдун кызматтык кабинетиндеги компьютерди алып ошол кездеги Башкы прокуратуранын Тергөө башкармалыгынын башчысы Кылычбек Арпачиевди колдонуп, ал жердеги кызматтык электрондук кат алышууларда "Кандай жол менен болсо да Келдибековду түрмөдөн чыгарбаш керек" деп Арпачиевге буйрук берген кат жазышууларыңыз Келдибековдун архивинде сакталып турат азыркыга чейин.

Мунун баарын кайсы тешикке катабыз? Жашоо бумеранг окшойт Аида Жеңишбековна, менимче, алар жообуңуз али алдыда го дейм...

## Айтикеевге жооп

Кыргызда "таба жолу тар "деп коет. Бумеранг бекен? — деп колунан эч нерсе келбеген, алсыз жигиттер табалайт. Бумеранг болгондой мен эч нерсе жоготкон жокмун. Парламентке депутат болуп эл үчүн кызмат кылуу бактысына ээ болдум. Болгону ичи тардыктын, көрө албастыктын айынан жумуштан көңүлүм сууп, кеттим. Бирок ага дагы таарынбайм. Атамдан калган жумуш беле. Тескерисинче, тагдырыма ыраазымын. Кимдин ким экенин эрте түшүндүм.

Мен эч качан бирөөнүн ырыскысына кол салган эмесмин, жеке кызыкчылыгымды ойлоп, бирөөнү кор кылган эмесмин. Мүнөзүмдө калп айтуу, ичи тардык, эки жүздүүлүк жок. Мен эч качан коомчулукка түшүнүүрө албай турган нерсе жасаган жокмун. Ошол үчүн мен жөнүндө калп жазуу — бул убактыңарды текке кетирүү. Кайра-кайра бул суроолорго дагы кайрылбайм.

Сен жазган Келдибеков, Аманбаева, Түлеевдер сен үчүн эле ак болбосо, жалпы кыргыз эли алардын ким экенин жакшы билет. Келдибековдун компьютеринде Арпачиев менен жазышкандарыңар бар экен деп баланын сөзүн сүйлөпсүң. Биринчиден, мен мыйзамсыз буйрук бере турган киши эмесмин; экинчиден, тергөө ыкмалары жөнүндө эч качан компьютер менен жазышпайм. Анын үстүнө, мыйзамсыз буйрук берген киши аны өчүрбөй Адилет Айтикеев үчүн сактап коет беле? Ойноп жазсаң дагы ойлоп жазсаң боло.

Ташиевге жинди деген справканы мен бербейм. Эгерде ошондой справка болсо, өзүнөн сурабайсыңбы бул справка Сизге эмне үчүн керек болду деп. Атамбаевди мактап чыккан видеосу прокуратуранын архивинде бүгүн деле бар болушу керек. Аны көрүп врач болсом, балким мен дагы Ташиевге ошондой справканы бермекмин.

Келдибеков боюнча Нарымбаев экөөбүздүн Атамбаеге каттаганыбызды өзүң көрдүң беле? Сенин бул сөздөрүң ушакчынын эле сөзү — Салянова Акмат Бакиев менен жакшы деген сериядан эле. Ал кишини таанābаганыма карабай, өмүрү аны менен саламдашып көрбөгөнүмө карабай жабыштырганыңар жабыштырган.

Эми Батукаев жөнүндө. Мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндөгү сунушту жаза аткаруу кызматы киргизет. Чечимди сот кабыл алат. Эгерде бир нече медкомиссиянын корутундусу чыгып жаткан болсо, прокурор аны четке каккандай врач эмес, ал процессуалдык жагын гана карайт. Парламент Батукаевдин маселесин карап жатканда токтомдун долбооруна үч прокурор жумуштан алынсын деп жазылган. Бирок аларды жумуштан алууга мыйзамдуу негиз жок болчу. Андан улам мени Батукаевди жактады деп каршылаштарыма майдай жакты. Эгерде кол алдындагы кызматкерлердин күнөөсү болбосо, аларды жетекчиси жактабаганда ким жактайт? Турмушта ошондой жетекчилерди көрдүм. Өзүнүн керт башын ойлоп кол алдыгындагыларын колдоп калганга кудурети жетпеген. Бирок жакшыбы, жаманбы менин болгон мүнөзүм ушу — өзүмдүн атыма доо кетсе дагы дайыма кызматкерлеримди колдоп келгем.

Ошол үчүн Батукаевиңерди мага чаптабагыла.

Ар бир адам үчүн жоопко тартуу бул опурталдуу нерсе. Анын жеке ден-соолугу үчүн бул шок. Эми ким өлүп калат деп сенин оюңча кылмышты жашырыпжаап, ичкен-жегендерге тийбей эле коюу керекпи?

Прокуратурада иштеп жатканда, кандай көрсөңөр ошондой көргүлө, коррупционерлерге баш көтөртпөгөнгө аракет кылдым. Азыр болсо элге акыл үйрөтүп, өйдө-төмөн комментарий жазышып, өөдөсүнүп, чоң сүйлөп жатышат. Бул саясаттын мажүрөөлүгү, жарым-жартылай кылып аягына жеткире албагандыгы. Мамлекет бир колу менен жоопко тартып, бир колу менен жооптон куткарып, сот реформасынын ордунан жылбай жатканы.

А бийлик болсо табасы канып, мыйыгынан күлүп турат.

Жооп берүүңүз али алдыда деп жазыпсың, мен жооп беремби же дараметинден туура пайдаланалбай акты ак, караны кара дей албаган сен жооп бересиңби аны Жараткан өзү чечет. Сени менен акыйлашып олтурганга менде сеникиндей убактым жок, мага көңүл бурсун, мен ушундай кыйынмын деген оору менен дагы оорубайм.

# Жайдарылыктын сыры эмнеде?



Бир келин курбу келининен бир сапар минтип сурайт:

– Сен ар дайым көңүлүң шат, жайдары жүрөсүң. Сенде кайгы-капа, көңүлдү чөгөргөн маселе жокпу? – дейт. Анда тиги келин:

– Ээ, биздин турмушубузда башыбыздан нелер гана өтүп, нелер гана кетпейт. Ар бир күнүбүз түйшүккө толгон. Мен күн сайын тынбай иштешим керек. Үйдүн түйшүгү, үй-бүлөнүн түйшүгү дегендей, күйөөмдү, балдарымды кубандырып турушум керек. Чынын айтканда, мунун баары чоң эмгекти талап кылат. Ушунун баарына түтүш керек. Менин бул оор жүгүмдү жеңилдеткен бир сырым бар, – деди.

– Ал кандай сыр болду экен? Сырың менен бөлүшпөйсүңбү. Менин да көр түйшүгүм толтура. Же балдарыма, же үйдү караганга жакшылап убактым жетпейт. Чарбабыз абдан чоң. Бир да мүнөт ашыкча убакытым жок, – деди тынчы кете кызыгып.

– Мен Кудайдын куттуу күнү ыраазычылык, шүгүрчүлүк кылганга бир аз убакыт табам.

– Ой, сен кимге эмне үчүн ыраазычылык билдиресиң? Кызык экенсиң, – деп шыпшынып койду берки келин.

– Мен Жаратуучума бул дүйнөгө мени алып келип койгонуна ыраазычылык кылам. Күн сайын мага жаңы таасирлерди бергенине ыраазымын. Үй-бүлөбүз менен аябай бактылуу экенибизге күйөөмө ыраазымын. Энелик бактым үчүн кичинекейлериме ыраазымын. Достуугандарыма мени жамандык, жакшылыкта, ар кандай учурда колдоп-коштоп турганына ыраазымын. Ушундай кооз жерде жашап турганыбызга жаратылышка да ыраазы болуп, Кудайга шүгүрчүлүк кылам. Шүгүрчүлүк кылганды билүү да чоң билгичтик болот экен, курбум, – деди.

– Ыраазычылык, шүгүрчүлүк...Шүгүрчүлүк кылсам мен да сендей бактылуу боло аламбы? – деп берки келин жоолугунун учун кармалап, терең ойго батып турду.

# Ата адамдардын үйү кайда?



Менин уулум көп балдар сыяктуу эле суроо бергенди жакшы көрөт. Суроолор ар күндө мүнөт сайын жаралып турат. Анын тажатма суроолоруна көптөн бери камдап койгон “билбейм, өзүң ойлонуп көрчү, сен кандай деп ойлойсуң” деген сыяктуу дежур жоопторум да даяр. Өзгөчө акыркы жообум натыйжасын жакшы берип жүрчү. Ушул сыяктуу экөөбүздүн диалогубуз балам менден төмөнкү суроону сураганга чейин уланып жүрдү.

– Атаке, жамгыр тамчылардан турабы? –дейт.

– Ооба, – дедим мен.

– А, тамчылар кайдан пайда болот?

– Булуттардан.

– Атаке, булуттар кайдан пайда болот? – дегенде камдап койгон даяр суроомду жылдыра калдым.

– А сен бул тууралуу кандай деп ойлойсуң? – дедим.

Ушул суроого балам жооп бергенден кийин менин балдарга болгон мамилем кескин түрдө өзгөрдү. Эмесе уулумдун тамчы тууралуу аңгемесин угалык:

– Уулум, тамчылар кайдан пайда болушат? – деп өз суроосуна кайра суроо берип койдум.

– Тамчылар булуттардан пайда болушат. Ал эми булут океандардан жана деңиздерден пайда болот. Океан болсо жер үстүндө бактар, гүлдөр, банан, алма, өрүк, дарбыз, апельсиндер өсүп турганын билет. Океан алардын суу ичкиси келгенин, суу жок болсо алардын өлүп кала турганын билет. Океан адамдарга да, иттерге да, чымчыктарга да суу керек экенин билет. Ошондукан океан мага жана бардык тирүү жандыктарга суунун тамчыларын жөнөтүп турат. Океан тамчыларын эч кимден аябайт. Ал тамчыларынын кайра өзүнө кайтып келерин билет, – деди. Баламдын ушул сөздөрүн укканда менин аң-сезимим асмандан жерге кайтып келип, уулумдун ой жоруусун андан ары тыңшап тура бердим.

– Билесизби ата, тамчылардан минералдык суулар да пайда болот. Алар жерге тамчылаганда башка тамчылар менен биригишип, булакка айланат. Булактар кошулуп отуруп чоң дарыяларга куюшат. Дарыялар болсо океанга куюшат. Ошентип тамчылар үйүнө кайтып келишет, – деди.

Мен уулумдан көзүмдү албай көпкө карап турдум. Анын көздөрү күйүп, жалындап турган эле. Уулумдун кийинки суроосу балдарга болгон менин көз карашымды толугу менен өзгөртүп койду.

– Ата, бардык адамдардын үйү кайда? – деди. Менин көздөрүм чанагынан чыгып кете жаздады.

– Атаке, адамдар деле Жер үстүнө тамчылардай эле болуп пайда болушат ээ? Океан бардык тамчылардын үйү болсо, адамдардын үйү кайда? – деди.

# Өзүн ишендирүүнүн күчү



Кайсы бир киши досунукуна конокко чакырылат. Меймандос үй ээси чаңкап келген коногуна кесеге мелт-калт суусундук куюп сунат. Суусундукту тартып жиберейин деп ичин караса, кесенин түбүндө кичинекей жылан жаткан болот. Үй ээсин таарынтып албайын, эмне болсоң ошо бол деп, кесени көмкөрө ичип, үйүн көздөй жөнөп кетет.

Үйүнө келип эле төшөк тартып жатып калат. Жан чыдатпаган ич оору башталып, ичпеген дарысы, көрүнбөгөн табыбы калбайт. Бирок мунун баары куру бекер эле убара болгон сыяктуу болду. Алиги адам акырындап соолуп, өлүп баратты.

Мунун оорулуу абалын уккан досу аны үйүнө алдыртат. Коногун баштапкы ордуна кайра жөлөп-таяп отургузуп, дагы бир кесе суусундукту “Ич, бул дары” деп алдына сунат.

Ноокас кесени эптеп көтөрүп, ичин караса дагы бир жылан жаткан экен. Бул сапар ал коңжоюнду бир карап алды. Үй ээси эч бир үн чыгарбастан башын өйдө көтөрүп, шыпта илинип турган жаага ишарат кылды.

Оорулуу жылан кесеге чагылышып турган жаанын кириччи (кайыштан жасалган кергич) экенин баамдайт. Эки дос биринбири карап каткырып күлүп жиберишет. Коноктун оорусу кол менен алып салгандай заматта жок болуп, өзүнө келип калды.

# Азыгыбызды уурдап кетишти



Көк мелжиген аскаларга салынган уядан акырын баш багып мойнун созгон балапан бүркүт ылдый жакка акырын назарын салды. Ал аскаларды аралап кайкып учкан куштардын нечен түрлөрүн көрдү.

– Апа, бул эмне деген канаттуулар, – деп шаңк этти.

– Булар биздин досторубуз. Бүркүт бийиктикте жалгыз жашаса да, кээде ага чөйрө керек болот. Болбосо ал бекеринен канаттуулардын падышасы болмок белe? Сенин көзүң көргөн куштардын баары – биздин досторубуз. Эне бүркүттүн түшүндүрмөсүнө канааттанган бала-барчын ынтызарлык менен ойкуп-кайкып учуп жүргөн куштарга байкоо салып турду. Бир маалда эле:

– Апаке, булар биздин азыгыбызды уурдап кетишти, – деп эле кыйкырып калды.

– Тынчсызданба уулум, алар биздин эч нерсебизди уурдаган жок. Мен аларды өзүм сыйладым. Мен азыр айткан нерсени өмүр бою көкүрөгүңө түйүп ал. Бүркүт канчалык ачка болбосун, сөзсүз түрдө башка канаттуулар менен олжосунан бөлүшөт. Булардын кээ бирлери өз алдынча азык тапканды билишпейт. Ошол себептен биз аларга жардам бере билишибиз керек. Ким ишенимдүү досторго ээ болгусу келсе, башкаларга карата айкөл жана чыдамдуу болушу керек. Өзүңө болгон урмат-сый күч менен эмес, ар дайым азыгыңын акыркы үзүмү менен бөлүшө ала турган кең пейилдик, жумшактык менен келерин бил, – деди.

# Орозодо жанын кыйгандар эмне болот?



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!

***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**1) 6 рекет "аввабин" намазын 1 салам менен окуса болобу?**

**Жооп:** Шам намазынан кийинки окулган алты рекет нафиль намаз авваабиин намазы деп айтылат. Ад дурр аль мухтаарда "бир салам менен, же эки салам менен, же үч салам менен (окулат)" деп айтылат.

Авваабиин дегендин мааниси, "Аллах Таалага көп тооба кылуучу, мол истигфаар аткаруучу" деген маңызды туюнтат.

Алты рекеттин баарын бир салам менен окуу керектигин "ад Дурар" китебинде баса белгилесе, эки салам (төрт рекетке бир салам, акыркы эки рекетке бир салам) менен окуу керектигин "Газнавия" китеби көрсөтөт. Ал эми "Тажниис" китеби болсо үч (ар бир эки рекетте бир) салам менен болуусуна ык коёт. Мунун баары "Имдаад" китебинде айтылгандыгын "Раддул мухтаар" (4\260) китеби баяндап берет.

Аллаама аль Хойр ар Рамлийдин айтуусунда: "Нафиль намаздардын ар дайым бир салам менен төрт рекеттен ашпоосу мустахаб. Азирети Абу Ханийфа жакшы көргөн маселе мына ушул. Эгерде алгачкы төрт рекетти бир салам менен окуп алса, кийинкисин эки рекетте салам берүүгө туура келип калат. Андай болгон сүрөттө, намаздын ырааттуу тартиби бузулгансып, ыңгайсыздыкты жаратат. Ошондуктан эң эле жакшысы ар бир эки рекетте бир салам берип окуу. Мына ошондо бир кылка окулат..."

А бирок алаама ар Рамлийге жооп айтчулар да табылды. Ал шейх Раафиьий болуп чыкты. Ал өзүнүн "Ибн Аабидиндин хаашиясына берген такриираатында" айтат: "Үч салам менен окуганы абзел тарийкага үч ирет каршы келет. А эгер, бир же эки салам менен окуй турган болсо, абзел тарийкага бир ирет эле каршы келет. Ал эми, "бир кылкада окулат" дегени абзел тарыйканы жокко чыгарууга таасир бере албайт".

Жеке мен (Ж.Ч.)өзүм мындай дээр элем: Кээ бир китептердеги берилген фатва: нафиль намаздардагы эң жакшы тартип эки рекеттен окулат деп айтылат. Демек, маселедеги талаш маселе анчалык деле олуттуу эмес. Үч салам менен да, эки салам менен да, бир салам менен да окуса болору шексиз. Жеке мен өзүм үч салам менен окуганды колдогон болор элем. Валлооху аьламу.

**2) Нарындан болом. Ошко турмушка чыккам. Жолдошум экөөбүз көп убакыт сүйлөшүп жүрүп баш кошконбуз. Тилекке каршы кайненем 1 ай жашатып ажыраштырып салды. Учурда 16 жашка чыккан 1 уулум бар. Жолдошум талак берген эмес, ал турсун жаман көзү менен да карабайт эле. Баламды 16 жашка чыккыча өзүм чоңойткон, жолдошумдан бир дагы жардам болгон эмес. Мындан 6 жыл мурда намаз окуган бала менен таанышып калдым. Жолдошуңдан талак ал деп айткан жок. 16 жылда ал талак жок болуп кетет деген. Оштогу белгилүү мечиттеги биздин никебизди кыйган молдо дагы боло берет деп койгон. Экинчи жолдошум намаз окуганы менен криминал жолдо жүргөн адам экен. Аны менен да ажырашууга туура келди. Ошентип смс аркылуу талагымды берди. Өткөн күнүмдү эстеп аябай кыжалат болом, устаз. Ошондо менин никем барбы? Эмне кылсам болот?**

**Жооп:** Сиздин суроодогу маалыматтарга караганда, сиздин никеңиз дале биринчи жубайыңызда экен. Экинчи турмушуңуздагы нике жараксыз. Көп жыл бирге жашабай калса эле нике бузулат деген түшүнүк туура эмес. Кудай Таалам адаштырбасын. Баланын атасы менен кайра жашаганыңыз макул. Же биротоло жообуңузду алып, жолуңузду табыңыз. Эгерде жүзмө-жүз суроо сурасаңыз, балким сизге жооп башкача таризде берилээр. Кандай болгон күндө да суроонун жообу айтылган суроого гана берилет эмеспи..

**3) Таравих намазын 20 рекет окугандан чарчап калып жатам. Ошондуктан ар бир рекетте фатиха сүрөсүнө 2 зам сүрө кошуп 10 рекет окусам болобу? Ошол 20 рекетке барабар болот дешет.**

**Жооп:** Жок, берекем. Анда сен 10 рекет эле окуган болуп каласың. Таравих намазы 20 рекет сүннөт болот. Ишиң көп болуп, чарчап калсаң окуганга милдеттүү деле эмес. Окуганың жакшы. Баарын окуй албасаң да чарчаганча окусаң деле мейли. Жоктон көрө жогору дегендей кеп. Мисалы 20 рекет окуй албай калса, 18 рекет оку.

**4) Спирт тийип кургаган кийим менен намаз окуса болобу?**

**Жооп:** Болот. Кургабаса деле окуй берсең болот. Спиртти ичкенге –мас кылганы себептен арам. А бирок, колдонгонго жарай берет. Арам болгону менен нажас эмес.

**5) Өзүм намаз окуймун. Жубайымды намаз оку десем так секирип болбойт. Эмне кылышты билбей калдым?**

Жооп: Жубайыңа жакшы мамиле кыл. Даават кыл. Жөн эле оку десең эле, этиңди көргөн аял дароо окуй бермек беле? Анын тилин таап, мусулманчылыкка ыктат. Ошондо бактылуу болосуң.

**6) "Бир адам башка бир адамды сүйүп калуусу үчүн окула турган дуба" дегендерди колдонсо болобу? Бул кара дубага кирбейби?**

**Жооп:** Сыйкырлап койсо кара дубага кирет, а эгер жөн эле улук Кудайдан тилек кылып сураса, ал нерсеге шариатта тыюу салынбайт.

**7) 25 жаштамын, 7-классымдан бери талма оорусу менен ооруп келем. Турмушка чыксаң калат дешти. Турмушка да чыктым, бирок оорум күч алгандай болду. Бош олтуруп калсам эле бирөө "Мен Кудаймын, сен шайтандын жолуна түшүп кеттиң, деп коркута берет. Уктаганда сөзсүз бир маал коркутат. Намаз дагы окуп көдүм, бирок намазга турганда сенин намазың эч качан кабыл болбойт деп алаксыта берчү. Акыры даарат көп алып ден-соолугумду да начарлатып, намазымды да таштап койдум. Мен сага ишенбеймин жогол десем, сен Кудайга ошентесиңби дейт. Эмне кылам, устаз?**

**Жооп:** Ал шайтандын васвасасы. Өзүңө такыбараак молдо таап дем салдыр. Намазды кайра башта. Калтырбай окуй берсең, ооруң калып кетмек. Даараттын ден-соолукка таптакыр зыяны жок. Сени менен мени жоктон жараткан Аллах Таала буйруган ибадат ал даарат. Даарат диндин жарымы. Тазалык диндин жарымы.

**8) Эртең менен түшүркөп, гусул алууга туура келсе орозо бузулбайбы?**

**Жооп:** Эртең менен түшүркөп калгандан орозо бузулбайт. Ооз-мурунга этиеттеп суу алып, дененин баарына суу жеткирсе жарай берет. Ал эле эмес, түн ичинде аялы менен шарияттык иште болуп, ооз бекитер убакта колу менен жүзүн жакшылап чайкап, андан кийин курсагын ныктап тойгузуп, оозун бекитип, андан соң гусул алып намазын окуса да боло берет. Динибиз адамдарды кыйноо үчүн эмес, сыйлоо үчүн келген.

**7) Мурундан травма алганым үчүн 2 тамчыдан даары тамызып туруум керек. Оозум ачылбайбы?**

**Жооп:** Мурунга тамчылаткан даары мурундан ары адамдын ичине кирип кете турган болсо орозону бузат. Мурундун ичинде калып кете турган болсо орозосу бузулбайт.

**8) Таравих намазын кандайдыр бир себептерден улам 5 күн окубай калдым. Казасын окусам болобу? Эгер болсо кайсы убакта канча рекет окуу керек?**

**Жооп:** Таравих намазынын казасы – биз билгенден - болбойт. Анткени таравих намазы милдеттүү болбогондон кийин анын казасы да жок. Ошол бойдон калып кетти.

**9) Карызга акча алып апамды ажыга жөнөтсөм болобу? Менин карызга берген акчамды октябрда алмакмын.**

**Жооп:** Орду бар карыз акча алсаңыз жарай берет. Маселе орду жок алынган карыз акчада.

**10) Атам апамды жаман кордойт. Атамды дааватка жиберели десек же макул болбойт. Кантип жиберип салсак болот?**

**Жооп:** Эптеп алдап-соолап жибергиле. Каалаганын алып бергиле, кандай болгондо да дааватка жиберүүнү ишке ашыргыла. Борбордук мечитте Мухтарбек ажы деген бар. Ошол кишиге жиберсеңиз, ошол эптеп алып чыгып кетээр эле даватка.

**11) Дүйнө иштеринде аял менен сөзсүз кеңешүү керекпи?**

**Жооп:** Аял менен ага керектүү иштерде, тиешеси бар иштерде кеңешсе болот. Аялдарга таандыгы жок иштерде назик заттардын башын оорутуунун кажети жок.

**12) Үйлөнүү максатында сүйлөшүп жүргөн келиндин жолдошу жол кырсыгынан каза болгон экен. Анын 1-никеси эмне болот? Үйлөнө берсем болобу?**

**Жооп:** Жолдошу каза болгондон кийин, эгер боюнда жок болсо төрт ай он күндөн кийин башкага турмушка чыга берсе болот. А эгер боюнда бар болуп, төрт ай он күндөн көп мөөнөттө төрөй турган болсо, анда ошол курсагындагыны төрөгөндөн кийин турмушка чыга берсе болот. Күйөөсүнүн өлүүсү менен талагы түшкөн болот.

**13) Атасынын карызын баласы төлөөгө милдеттүү эмес дегениңизди кененирээк айтып берсеңиз, устаз?**

**Жооп:** Атасынын артында байлыгы калса, ошол байлыктан атасынын карызын төлөө балага милдеттүү болот. А эгер атасынын байлыгы калбаса, шариат ал балага атасынын карызын төлөө милдеттүү кылбайт. А бирок перзенти атасына же энесине жакшылык кылгысы келсе, анда анын өз ыктыяры...

**14) Москвадагы диний китептерди**


MAGNAT ТАКСИ

1496

0772 89 55 77

Жарыя! Жарыя!

Шашылганда шап келет

Тел.: 0772 89 55 77

0553 89 55 77

0703 89 55 77

БАШТАЛЫШЫ 40 сом

10 сом

АР БИР ЧАКЫРЫМГА




Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!

**окуса болобу? Анан да ар масхапты кармангандар көп.**

**Жооп:** Кыргыз муфтиятынын мөөрү басылган китептерди окусаңыз жарай берет. Ошондой эле Москва муфтиятынын мөөрү басылганы да жарай берет. Тагыраак айтканда, мөөрлөрү басылгандын баары жакшы. Мөөрлөрү басылбагандардын баары жаман эмес.

**15) Балдарынан кечкен, балдары каза болсо кубанган атага эмне дээр элеңиз. Балдары ошондой атага кандай мамиле кылуу керек?**

**Жооп:** Эмне дейт элек. Кудайым хидаят берсин деп дуба кылабыз.

**16) Жубайым экөөбүздүн ортобузда 3 балабыз бар. Үйлөнгөндөн бери шаарда турчубуз. Агаларым үйлөнүп жайланып, үйдү бошоткон болчу. Айылга барып апамды карап бирге жашайбыз десем, такыр көнбөй койду. Жообун берип салгым келет. Айылга барып кошуна кызды алып, апамды карап жашагым келет. Бирок балдарымды жетим калтыргым да келбейт. Кандай кылсам туура болот?**

**Жооп:** Кабыргаң менен кеңеш. Аялың сени менен жашоону кааласа, сени жакшы көрсө, география бүткөн жерге чейин деле кете бермек. Демек, аялыңдын катылган сүйүүсүн тап.

**17) Эгер эркек адамда "гинекомастия" болсо, аны алдырып салууга шариат руксат береби? Эгер руксат жок болсо сабыр кылам.**

**Жооп:** Бул оору менен адатта аялдар оорушат. Кээде эркектер да бул ооруга жолугат. Эгерде сизге бул абдан эле ыңгайсыздык жарата турган болсо, аны алдырып салуу ден-соолугуңузга олуттуу зыян келтирбей турган болсо, алдырсаңыз болот. Ден-соолукка зыяндуу болсо, алдырууга болбойт. Ден-соолук аманат.

**18) Алматыдан болом. Жаз келгенде эле "кудай жаз" деп өткөрөбүз. Жылына 3,4 кой соёбуз, быйыл 10 кой союлду. 100, 200 адам келет. Бул кылганыбыз туурабы?**

**Жооп:** Жазга жеттик, "Кудайга шүгүр! Кудайымдын ырайымы болбосо кантип жетмек элек, Кудайга шүгүр!" деп аткарылган таат-ибаадат.

**19) Орозодо жанын кыйгандар кандай болуп калат? Эмнеге өз жанын кыйгандарга жаназа окулбайт?**

**Жооп:** Жан кыйган ар убакта арам. Орозодо күнөөсү көбүрөөк. Анткени, ыйык айда аманатка кыянат кылганы болот. Жан аманат. Аны сактоо да аманат. Аманатка ушул таризде кыянат кылгандарга жаназа окулбайт дейт көпчүлүк уламалар.

**20) Намазымды баштадым. Жоолукка кайненем менен жолдошум каршы болуп туруп алды. Өзүңдү жакшы алып жүр дешет. Кантип макул кылдырсам болот?**

**Жооп:** Жакасы бар көйнөк кийгенче, намаз окуганда жоолукчан намаз окуп тура тур. Анан, ал экөөнө дуба кылсаң, Кудайым тилектериңди кабыл кылат.

**21) Парз намазда жалгыз адам болсо да коомат айтылабы?**

**Жооп:** Сүннөт болот.

# Кожбе Крысп уйкудан турганда

Башкуянын чок ортосундагы жолдордун жээгин илгертен эле жер жайнаган шайтан көпөлөк ээлеп алып, кыжылдап отурчу. Айрыкча күндүз жакшынакай эле турган жол кечке жуук эле быкпырдай кайнап көпөлөккө толуп кетчү. Анан көпөлөк кармап ойногусу келгендер пайда болчу. Анан көпөлөктөрүн жөн карматкысы келбеген калдыркандар (көпөлөктүн чоңу) чыкчу. Анан акырын басып кылтыйып, жыла басып жымшыйып тинттер келчү. Алар эмне ойногону келет дейсиңерби? Көпөлөктөрдү кармап көрүп, кайра койо берип көрүп эрмектегени келет да. Көпөлөктөр да булардын тилин билип алган. Акырын сылап-сыйпап, жегенинин жарымын берип, ичкенинин жарымын берип кетирип койот.

Ошол, ошентип эле ынтымакта, эриш-аркак жашап атышкан. Тинттердин дагы, көпөлөктөрдүн дагы курсагы тоюп, көңүлү көтөрүлүп калчу. Бирок, тинттер деген тинтер. Баары бир бир күнү болбосо бир күнү тинттигин кылат тура. Кечээ эле чогуу көңүл ачып, курсагын тойгузуп жүргөн көпөлөктөрдү бүгүн конгон жеринен шап-шап кармап кетишти. Эмнеге кармашты, эмне кылышат, ушул бойдон камап салышабы аны деле айтышкан жок. Буга чейин эмне кылып жүрүшкөн, анысын да айтышпайт.



Ал ортодо данекбаштардан Кожбе Крысп деген уйкудан катуу чочуп ойгонду. Айтуусу боюнча анын түшүнө жакында боло турган уяхандардын хайлалоосу кирген имиш. Хайлалоодо Шаша Хахамбай жана анын Сотсуял дөөбрат мыркиясы мына утабыз деп турганда кайдан-жайдан пайда болгон чымчык келип Шашаны сотсуял-мотсуялчылары менен кошо чокулап жеп кетет да учуп баратып «чызайттык чызайттык» деп сайрап кетет. Кожбе Крысп ошондон чочуп ойгонуп элди чурулдата баштады.

– Керээли-кечке «чызайттык, чызайттык» деп Амиркуянын тилинде сайраган чымчыкты тез арада жоготуш керек. Ошону жоготпосок болбойт. Чызайттыкты жоготолу, – деп туталанды.

– Ой, ал эмне кылды сага? Сайрай берсин, үнү кулакка жагымдуу угулат. Эгер уккуң келбесе өзүң кулагыңды жаап ал. Деги сени ким ойготту? Уктап жата бербейт белең? – дешти беркилер.

– Жоок! Жок! Уяхан. Омей уяхан дейм да, чызайттык кетсин. Ошону жоготуш керек. Вопшум сырттан келген чымчыктын баарын сайратпаш керек. Биздин чегирткелер гана сайрап турсун. Жаңагы пи-пи-си деп сайраган чымчыкты да жоготолу, – деп Жогорку Данекти чуулдатып баштады.

Бечара келерки жылдагы уяхан хайлалоосунда дадасы утулуп калат деп эмитен жүрөк заада. А жаман түштөргө, ырым-жырымдарга дароо ишенген Хахамбай Кожбенин түшүн угаары менен айланасындагыларды 40 жолу айланып, уясын арчанын бүрү менен аластап, андан кийин «ибаноч темна и пална гужаса» деп Путиоддун сүрөтүн карап шыбыранып-күбүрөнүп отуруп калды.

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ




*(уландысы)*

Эне, атам өлгөнүн бул көргөн да жок. Мунун көптөн бери кай жерде, кай калааларда жүргөнүн билүүчү да эмеспиз. Бирде, «Караколдо экен» деп, бирде «Анжиянга соодагердин малын айдашып кетиптир» деп гана бирөөлөрдөн угаар элем. Эми бирөөдөн «Каркырада бир сартка малай жүрүп, ал акысын бербей койгон соң, бир атын минип алып качып баратып, кайра кармалып кетиптир»,— деп угуп калуучубуз. Аныгын билген эч ким жок.

Жетимчиликтин айынан бул көрбөгөн азап, жүрбөгөн жер, кечпеген суу калган эмес. Илгери бир үйдө казанда эт оодарыштырып жатып, «жетимчиликти менден көп көргөнүң жоктур» деп кеп уруп отурганын да бир уккамын. Өзү бала күнүнөн шок чыккан. Бир жерге байыр алып турган жан эмес. Тынч турса буулугуп, ичи бышып кетүүчү. Канчалык айыл болсо дагы башынан кирип аягынан чыкпай көңүлү тынбайт.

Ушунун бир жоругу али эсте. Жаздын күнү, бир топ бала чүкө ойноп отуруп, кечинде үйлөрүнө тарап бара жаткан кези эле. Аңгыча Урманбет оттоп турган бир саан уйга далп этип секирип минип алды. Уй сырак-сырак этип, тоңкочуктап мөңкүп кетти. Урманбет оңкосунан барып түштү, эл боорун тытып күлүп калды... Кийин борбуюн көтөрүп алган соң элден биротоло кол үзүп, дайнын таппай кеткен. Нечен жолу издеп барып, жүргөн жеринен таап алып келсе да беш түнөбөй кайра көздөн кайым болучу. «Эл, журттан безгендин акыр түбү оңбойт, мунуңду кой» деп ар кимдер айтып да көрдү. Бирок өз оюн өлсө бербеген, айтканынан кайтпаган бир көк мелтей эле. Жакын туугандары нечен аракетке салып, акыл-насаат айтып жатса да «ооба сеникин билип турам» деп, ичинен тынган эмедей унчукпай гана дулуюп отура берүүчү. Өзү далысы бир кез келген, болук, дордок бет, эрди түйрүк, кабагы бийик, кыпкызыл көзүнүн ары жагынан эрдиги жайнап тургандай неме эле.

Бая бул күүгүмдө келди. Башында жыртык боз калпак, үстүндө сүйрөлгөн узун кара таар, бутунда жалпак таман кашкарлык өтүгү бар. Бул кейпи кашкарлыкка жүрүп келгенин далилдегендей. Эзелден энчисине басылгандай, үйгө кирсе дайым ирегеге барып отурмай адаты. Эми да ошол. Ирегеде бир ээрге жөлөнүп, бир бутун чала сунуп таштап, колун куушуруп, калпагын кабагына баса кийип, бирөөнүн тымызын сырын тартып отурган немедей унчукпай гана дулуюп, үйдүн ичин көзүнүн алды менен уурданып карап отурат. Эмнени ойлоп отурат болду? Бейшемби буга бирдеме деп акыл айтып отурат.

— Көп жыл эл көрбөй безип жүрүп да мүйүзүң чыккан жок. Эми баш кошуп, эптеп оокат кылалы, жетимдерди багалы, — деди бир кезде.

Бурмаке да бир жактан Бейшембиге жардамдашып:

—Алдыңа кетейин, эми тил ал! Аздыр-көптүр эсиң кирди, Бейшекеңдин акылын таштаба,—деп жатат.

Урманбет булардын сөзүн акылга салып, ойлонуп жаткан немедей «лам» деп сөз катпай, оттун жанында турган чоргосу сынык кара кумгандан көзүн албай гана мелтиреп отурат. Не бир айтылбаган акылдар айтылды. Бейшемби көп асылды. «Эми жибидиң го, калдың го» деп мен ойлоп отурам. Ал ошентип мелтиреген бойдон отурду да, күтпөгөн жерден бир кезде:

— Жок, кетем,— деп кыскасынан гана бир жооп кайырды. Башка бир сөз каткан жок, кечтен бери асылып айткан сөздөргө бар берген жообу ушул болду. Бейшемби түңүлбөй мындан кийин да көп айтты. Урманбет бая тышка чыкканда артынан эре чыгып, сүйлөшүп да келген.

Ушул күнү кечинде биздикине бир нече киречи татар жигиттер келип түшкөн. Баары бир куржаштар. Чай ичип, жайланып алгандан кийин, попорос чегип, гармон тартып, ырдашып, биздин жаман үйдү төбөсүнө көтөрүп отурушту. Урманбет бир кезде бери жактагы сөздү таштап коюп ушулар менен сүйлөшүп кетти. Максаты — ушулардын киресине сүйлөшүп, Караколго түшүп кетмек болуп жатат.

Мырзалардын эң жогору жагында жүккө таяй чалкасынан керилип, попоростун түтүнүн түндүктү карай буралтып үйлөп, ырахаттанып отурган чарчы бойлуу сары жигит Урманбетке кыйгачынан бир карап алды да:

— «Канча бересиң?» — деди көңүлсүнбөй туруп.

— Элүү тыйын беремин,— деди жетим көзү менен жалдырап.

***(уландысы бар)***

# Орозо жүрөк жана кан тамыр ооруларынан сактайт

Жүрөк доктурлары Рамазан айында кармалган орозо кээ бир жүрөк жана кан тамыр ооруларынан сактанууга жардам бере тургандыгын тастыкташкан. Бул ай кандагы май өлчөмүн калыбына келтирүүгө жардам берет



## Орозо холестеринди азайтат

Түркиядагы Измир шаардык ооруканасынын кардиология бөлүмүнүн кызматкерлери Рамазан айынын ар дайым эле тынчтыктын, мээримдүүлүктүн булагы болуп, эли-журттун бири-бири менен байланышын бекемдеп келгендигин да белгилей кетишти.

Ошондой эле орозо кармоо руханий жактан тазаланууга жана саламаттыкка пайдасын тийгизерин баса белгилеп, орозо кармагандар тамактануунун чен-өлчөмдөрүн эске алуу менен ден-соолуктарын дагы да бекемдей алышарын белгилешти. Орозонун кандагы майларды жөнгө салууга тийгизген пайдасын баса белгилөө менен "Орозо кармоо жалпы холестериндердин, пайдасыз холестериндердин (LDL) жана триглицериддердин өлчөмүн азайтып, пайдалуу холестериндердин (HDL) артышына жол ачат. Ушул айда калория алуу азайып, толуп кетпөөгө, ошону менен бирге кандагы ашыкча майлар, холестерин жана триглицерид (май) катмарларында бир топ оңолууларга жол ачыларын" айтышкан. Муну менен кошо тамеки чегүү жана спирт ичимдиктерин ичүү азаяры да өтө чоң пайда экенин белгилей кетүү керек. Бирок, орозонун мындай пайдалары менен бирге ден-соолугу начарларга бир катар кыйынчылыктарды жаратарын да эске алуу керек. Ашыкча стресс, күндүн ысыктыгы, оор жумуш жана саякаттар кармалган орозонун пайдасынан мурун зыянын тийгизиши мүмкүн. Ошондуктан, бул айда ысыкка чыгуудан, ашыкча калориялуу тамактардан, стресстен жана ошондой эле спорт менен ашыкча машыгуудан алыс болуу оң.

## Орозо учурунда инфаркт азаят

Кардиологдор жүрөк, кан тамыр оорулары, жүрөктүн жетишсиз иштеши, гипертония, аритмия сыяктуу оорусу барларга орозо кармаардан мурун сөзсүз доктурлар менен кеңешүүнү сунушташат. Албетте, жүрөк жана кан тамыр оорулуулары кээ бир шарттарды эске алуу менен орозо кармай алышат. Алар баарынан мурда дарыларын өз убагында, өз өлчөмү менен колдонуп, Рамазан айына чейин жок дегенде 2-3 ай оор учурлары жок, туруктуу абалда өткөрүшү керек. Күндө 3-4 жолу ичкен дарылар доктурлар менен кеңешүү аркылуу мүмкүн болсо узак, таасирдүү дарылар менен алмаштырылышы абзел.

Изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына таяна турган болсок, жүрөк ооруларын дары менен жөнгө салып келгендердин орозо учурунда инфаркт жана ушул сыяктуу абалдарга дуушар болбогондугун көрө алабыз. Кан тамыр оорулары барлар, жүрөгү начар иштегендер, жүрөгүнө операция жасалгандар жана аритмиясы барлар орозо кармагысы келсе сөзсүз медициналык текшерүүдөн өтүүлөрү зарыл. Ошондой эле, аспиринге окшогон кан суюлтуучу дарыларды колдонгондор доктурдун көзөмөлүндө болуп, дарыларын ооз ачар жана ооз жабар маалда иче алышат. Өтө катуу суусап, тердөө кандын айлануусунда көбүкчөлөрдүн пайда болушуна жол ачып, жүрөк жана мээге байланыштуу оорулар жана аритмия коркунучун жаратышы мүмкүн. Операцияга киргендер жок дегенде жарым, же болбосо бир жыл орозо кармабай турганы оң.







